ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

| | |
|---|---|
| | БЕКИТИЛГЕН<br>"Айыл Банк" ААКтын<br>акционерлеринин 2017-жылдын 21-декабрындагы №2 Жалпы чогулушу менен |

| | |
|---|---|
| | **ОТКРЫТОЕ АКЦИОНЕРНОЕ БАНК «АЙЫЛ БАНКА»**<br>**АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУ «АЙЫЛ БАНКА»**<br>**THE OPEN JOINT-STOCK COMPANY «AIYL BANK»** |

# «АЙЫЛ БАНК» ААКтын КОРПОРАТИВДИК БАШКАРУУ КОДЕКСИ

ГЛАВА I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР ..... 2

ГЛАВА II. АКЦИОНЕРЛЕРГЕ ӨЗ УКУКТАРЫН НАТЫЙЖАЛУУ ИШКЕ АШЫРУУСУНА ШАРТТАРДЫ ТҮЗҮҮ ЖАНА АКЦИОЕРЛЕРДИН УКУКТАРЫН КОРГООГО КӨМӨКТӨШҮҮ ..... 3

А. Банк чыгарган акцияларга жана башка баалуу кагаздарга менчик укукту каттоо ..... 3

Б. Банктын бардык акционерлерине бирдей мамиле жасоо ..... 4

В. Акционерлердин Жалпы чогулушун чакыруу жана аны өткөрүүгө даярдык көрүү ..... 4

Г. Акционерлердин Жалпы чогулушун өткөрүү ..... 5

Д. Банктын акционерлерине маалыматты ачуу ..... 6

Ж. Акционерлердин бузулган укуктарын калыбына келтирүүгө көмөктөшүү ..... 7

ГЛАВА III. БАНКТЫН ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИ ..... 7

ГЛАВА IV. БАНКТЫН АТКАРУУ ОРГАНЫ ..... 21

ГЛАВА V. БАНКТЫН КОРПОРАТИВДИК КАТЧЫСЫ ..... 25

ГЛАВА VI. КӨЗӨМӨЛ ЖАНА ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ БАШКАРУУ ..... 27

ГЛАВА VII. БАНК ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТЫ АЧУУ ..... 29

ГЛАВА VIII. ОЛУТТУУ КОРПОРАТИВДИК ИШ-АРАКЕТТЕР ..... 30

ГЛАВА IX. БАНКТЫН КЫЗМАТ АДАМДАРЫНЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ ..... 32

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

## ГЛАВА I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. “Айыл Банк” ААКтын Корпоративдик башкаруу Кодекси (мындан ары - Кодекс) Банктын ички документи болуп саналат. Банк башкаруу жана көзөмөлдөө органдарынын атынан ушул Кодекстин жоболорун аткаруу үчүн болгон күч-аракетин жумшайт. Банк өзүнүн жылдык отчетунда ушул Кодекстин жоболорун аткарганы же болбосо аткарбаганы жөнүндө маалыматты көрсөтөт.

1.2. **Корпоративдик башкаруу –** Банктын аткаруу органдарынын, Директорлор кеңешинин, акционерлердин жана башка кызыкдар болгон тараптардын ортосундагы өз ара мамилелер системасын камтыган түшүнүк. Банк тармагына карата корпоративдик башкаруу ыйгарым укуктардын жана жоопкерчиликтин бөлүштүрүүсүн билдирет, башкача айтканда Директорлор кеңеши менен Аткаруу органы Банктын бизнесин кантип жетектегенин билдирет, анын ичинде:

- Банктын стратегиясы жана маселелери аныкталат, аларга жетүү жолдору жана ушул максаттарга жетүүгө көзөмөл жүргүзүлөт;
- тобокелдикке/ аппетит-тобокелдикке туруктуулуктун максаттуу көрсөткүчтөрү белгиленет;
- бизнестин ыкчам башкаруусу жүргүзүлөт;
- Банк ишинин стратегиялык максаттарына жетүү үчүн керек болгон бардык иш-аракеттердин Банктын башкаруу органдары жана кызматкерлери тарабынан аткаруусун камсыздаган эмгек ишинин өбөлгөлөрү түзүлөт;
- аманатчыларды камтуу менен, банк акционерлеринин жана анын кредиторлорунун таламдарынын балансына жана банктын туруктуу өнүгүүсүнө жетишүү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, ошондой эле Банктын ички документтеринин талаптарынын сакталышы камсыздалат;
- Банк сак болушу, финансы абалынын туруктуулугун колдоо, ак ниеттүүлүктү көрсөтүү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын сакташы керек болгондугунун негизделген күтүүлөрдү эске алуу менен Банкытн бизнеси жана иш ыкмалары түзүлөт.

1.3. Банктагы корпоративдик башкаруу акционердик капиталынын наркы узак мөөнөттү перспективада туруктуу жогорулашуу принцибинде негизделген, бирок ошону менен бирге аманатчылардын мыйзамдуу укуктары жана таламдары сөзсүз түрдө эске алынат. Банктагы туруктуу өнүгүү принциби чечимдерди кабыл алууда Банктын ишмердүүлүгүнүн финансылык, социалдык жана экологиялык аспектилерин эске алууну, ошондой эле Банктын аманатчыларынын абалы үчүн ушундай чечимдердин натыйжаларын баалоо зарылчылыгын болжолдойт.

1.4. Ушул Кодекстин ченем дери Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюму иштеп чыккан корпоративдик башкаруу принциптеринде жана Банктык көзөмөл боюнча Базель комитетинин сунуш-көрсөтмөлөрүндө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарында негизделет.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

# ГЛАВА II. АКЦИОНЕРЛЕРГЕ ӨЗ УКУКТАРЫН НАТЫЙЖАЛУУ ИШКЕ АШЫРУУСУНА ШАРТТАРДЫ ТҮЗҮҮ ЖАНА АКЦИОЕРЛЕРДИН УКУКТАРЫН КОРГООГО КӨМӨКТӨШҮҮ

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

2.1. Коом Банк болуп саналат, жана ошого байланыштуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында Банктын корпоративдик башкаруу процесстерине олуттуу оңдоолорду киргизген бир катар укуктук ченемдер бекитилген, негизгилери болуп төмөнкүлөр саналат:

- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) саясаты, банктарга карата өзүнүн көзөмөлдөө иш-аракеттерин аманатчылардын таламдарын банктын акционерлеринин таламдарына караганда жогору коюу позициясынан жүргүзөт;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы тартипте жана негиздөөлөр боюнча Аткаруу органды Банкты башкаруудан четтетүү же болбосо анын ишине чектемелерди киргизүү Улуттук банктын укугу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы тартипте жана негиздөөлөр боюнча Банктын Директорлор кеңешин Банкты башкаруудан четтетүү же болбосо Директорлор кеңешинен белгилүү чечимдердин кабыл алуусун талап кылуу Улуттук банктын укугу;
- Банктын акционерлеринин таламдарын сактоо боюнча кандайдыр бир милдеттенмелерсиз, Банкты башкаруу органдарынын иш-милдеттерин жана ыйгарым укуктарын берүү менен Банктын убактылуу жетекчилерин дайындоо (бошотулгандардын ордуна) Улуттук банктын укугу;
- өзү жөнүндө маалыматты ачуу, ал эми Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда Банктын акцияларын сатып алуу боюнча (ажыратуу) өз аракеттерин билдирүү же уруксаат алуу тартибинде макулдашуу Банктын боло турган жана азыркы акционерлеринин милдети;
- Банктын Директорлор кеңешинин жана Аткаруу органдын мүчөлөрүн камтуу менен, Банктын кызмат адамдарын милдеттүү макулдашуусу боюнча талаптар.

2.2. Жогоруда айтылгандарды эске алып, Банктын акционерлери, Директорлор кеңеши жана Аткаруу органы жогорудагы негизги ченемдерди эске алуу менен Банкты башкарат, б.а. Банкты башкаруу боюнча ар кандай чечимдерди кабыл алууда, Банк ишке ашырган корпоративдик башкаруу тажрыйбасы тууралуу бардык аспектилер боюнча маалыматты ачуу боюнча Улуттук банк жана коомчулук менен активдүү өз ара аракеттенип, Банктын аманатчыларынын таламдарын негиз кылып алышат.

## *А. Банк чыгарган акцияларга жана башка баалуу кагаздарга менчик укукту каттоо*

2.3. Банк чыгарган баалуу кагаздарга укуктарды эсепке алуунун ишенимдүү, ыңгайлуу, адилеттүү жана кымбат эмес ыкмаларды анын ээлери үчүн камсыздоо боюнча Директорлор кеңеши жоопкерчилик тартат. Бул Банктын көз карандысыз реестр кармоочунун ишине Директорлор кеңеши тарабынан көзөмөл жүргүзүү жолу менен ишке ашат. Банк менен реестр кармоочунун ортосундагы келишим Банктын баалуу кагаздарына менчик укугун талаптагыдай эмес каттоосун камсыздаганы үчүн

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

реестр кармоочу Банктын алдында жана баалуу кагаздардын ээсинин алдында жоопкерчиликти караштырат.

2.4. Банк чыгарган баалуу кагаздардын ээлери Банктын баалуу кагаздарынын ээлеринин реестринде өзү жөнүндө актуалдуу маалыматтарды чагылдырганы жана колдогону үчүн жооптуу, Банктын баалуу кагаздарынын ээлеринин реестринде өзү жөнүндө анык эмес же толук эмес маалымат менен байланышкан тобокелдиктерди өз алдынча тартышат.

2.5. Банктын мүмкүнчүлүктүү жана учурдагы акционерлери өздөрү жөнүндө маалыматты ачышат, ал эми мыйзамда белгиленген тартипте Банктын акцияларын сатып алуу (ажыратуу) боюнча өз иш-аракеттерин Улуттук банк менен билдирүү же уруксаат берүү тартибинде макулдашышат.

## *Б. Банктын бардык акционерлерине бирдей мамиле жасоо*

2.6. Директорлор кеңеши Банктын бардык акционерлерине бирдей мамилени камсыздоо үчүн болгон күч-аракеттерин жумшайт, Банктын Аткаруу органы тарабынан акционерлерге ушундай мамилени камсыздоо үчүн жооптуу, акционерге таандык болгон акциялардын санына карабастан Банктын акционерлерине бирдей мамилени камсыздоо зарылчылыгы жөнүндө Банктын көзөмөлдөөчү акционерине билдирет.

## *В. Акционерлердин Жалпы чогулушун чакыруу жана аны өткөрүүгө даярдык көрүү*

2.7. Акционерлердин Жалпы чогулушуна акционерлердин талаптагыдай даярдык көрүүсүнө мүмкүнчүлүк камсыздаган, акционерлердин Жалпы чогулушун чакыруу жана аны өткөрүү боюнча ушундай жол-жобосун колдонгону үчүн Директорлор кеңеши жоопкерчилик тартат. Мындай жол-жоболор Банктын ички документтеринде бекитилген, жана ага төмөнкүлөр кирет, бирок аны менен чектелбейт:

– ушундай чогулушка катышууга укугу бар болгон адамдардын тизмеси менен Банктын корпоративдик катчысы аркылуу таанышууга Банктын акционерлеринин мүмкүнчүлүгү;
– мыйзамдарын жана Банктын ички документтеринин талаптарына ылайык берилген, күн тартиби боюнча маселелер тууралуу жана Банктын шайлоо органдарына талапкерлер боюнча сунуштар тууралуу бардык акционерлердин сунуштарын ачык кароо;
– чогулушка катышуу жөнүндө чечимди кабыл алууга мүмкүнчүлүк берген, ушундай катышуунун ыкмасы жөнүндө (өзү катышып же ишеним катты берүү), ошондой эле чогулуштун күн тартиби боюнча материалдарды алуу ыкмасы тууралуу жана чогулуштун күн тартиби боюнча Директорлор кеңешинин жана ар бир мүчөсүнүн позициясы тууралуу маалыматы алууга мүмкүнчүлүк берген, жетиштүү маалыматты берүү менен чогулушту өткөрүү жөнүндө акционерлерге билдирүү;
– маалымдоонун жана материалдарды жөнөтүүнүн кошумча ыкмасы катары, ошондой эле аны Банктын интернет-сайтында эркин колдонууга жайгаштыруу

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

үчүн Жалпы чогулушту өткөргөнү жөнүндө билдирүүнүн электрондук формасын колдонуу;

– акционерлерге ыңгайлуу жана катышуу үчүн убара кылбаган жана реалдуу мүмкүнчүлүктү камсыздаган, чогулушту өткөрүү жерин жана убактысын белгилөө.

## *Г. Акционерлердин Жалпы чогулушун өткөрүү*

2.8. Акционерлердин Жалпы чогулушунун күн тартиби Директорлор кеңеши тарабынын иштелип чыгат жана төмөнкүлөрдү караштырат, бирок алар менен чектелбейт:

– күн тартиптин маселелери боюнча докладдарды жасоого, ушул маселелерди талкуулоого жетиштүү убакытты бөлүү, ошондой эле ар бир акционерге өз ой-пикирин айтууга мүмкүнчүлүк берүү;

– суроо берүүгө жана берген суроосуна жооп алууга ар бир акционерге мүмкүнчүлүк түзүүгө, ал эми суроо татаал болуп жана ага ошол замат жооп берүүгө мүмкүнчүлүк болбогон учурда, суроо берилген адам чогулуштан кийин кыска мөөнөттүн ичинде ошол акционерге жазуу түрүндөгү жоопту жөнөтөт;

2.9. Банктын акционерлеринин Жалпы чогулушун өткөрүү жол-жобосу төмөнкүлөрдү караштырат, бирок алар менен чектелбейт:

– жалпы чогулушка катышууну каалаган бардык акционерлердин каттоосуна жетиштүү убакытты бөлүү, ошондой эле катталгандан кийин добушка коюлган маселелер боюнча чечимдердин кабыл алуусуна катышууга акционерлер укуктуу болушу үчүн чогулуш башталгандан кийин каттоону улантууга мүмкүнчүлүк берүү;

– Директорлор кеңешинин, Аткаруу органдын мүчөлөрүнүн, Банктын аудиторунун катышуусу, ошондой эле шайлоо органдарына талапкерлердин катышуусу милдеттүү түрдө болушу керек;

– акционерлердин өкүлдөрүн Банктын эсеп комиссиясынын курамына талапкерлердин тизмесине чогулуштун өзүндө киргизүүгө мүмкүнчүлүк;

– чогулуштун протоколун түзүүгө көмөктөшүү максатында Банк тарабынан чогулуштун жүрүшүнүн видеотартуусун жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк;

– добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу жана чогулуш аяктаганга чейин кабыл алынган чечимдерди жарыялоо.

2.10. Банктын акционерлеринин Жалпы чогулушунун жүрүшүндө добуш берүү жол-жобосу төмөнкүлөрдү караштырат, бирок алар менен чектелбейт:

– добуш берүү үчүн бюллетендердин баалоо принциби: “чогулуштун күн тартибинин конкреттүү маселеси боюнча конкреттүү акционердин эркин билдирүүсү бир эле мааниде болсо, бул бюллетень жараксыз деп таанылууга болбойт”;

– чогулуштун күн тартибинин процедуралык маселелери боюнча добуш берүү чогулуштун күн тартибинин маселелери боюнча добуш берүүгө окшош тартипте жана принциптерде өткөрүлөт;

– добуш берген акционердин өзү толтурган бюллетенинин көчүрмөсүн алуу талабын канааттандыруу жана ушул көчүрмөнү Банктын эсептик комиссиясы

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

тарабынан күбөлөндүрүү мүмкүнчүлүгү .

## *Д. Банктын акционерлерине маалыматты ачуу*

2.11. Директорлор кеңеши акционерлердин суроо-талабы боюнча гана маалыматты берүү менен чектелбей, Банк жөнүндө актуалдуу жана олуттуу маалымат менен акционерлерди камсыздаганы үчүн жооп берет, ага Банктын ички документтеринде төмөнкүлөрдү бекитүү жолу менен жетсе болот:

- акционерлерге ачууга тийиш болгон маалыматтын тизмеси;
- ушундай маалыматты ачуу мезгили жана ачуунун ыкмалары;
- ушундай маалыматты даярдоо жана ачуу үчүн жооптуу болгон Банктын кызматкерлери;
- ушундай маалыматтын толуктугун, өз убагында берүүсүн жана ачуу жолдорун бузганы үчүн ушундай жактардын жоопкерчилик ченеми.

2.12. Ушундай маалыматты ачуунун милдеттүү ыкмасы Банктын интернет-сайты саналат.

2.13. Директорлор кеңеши Банктын акционерлеринин чогулушуна материалдардын талаптагыдай даярдоосу үчүн жооп берет, жана бул милдетти Банктын Аткаруу органына жүктөөгө укугу жок. Директорлор кеңеши Банктын акционерлеринин көбүнчөсүнө жарактуу болгон ыкмалар менен ушундай маалыматты ачуу үчүн жооп берет, анын ичинде Банктын интернет-сайтында ушундай маалыматты жайгаштыруу менен чектелбейт.

2.14. Директорлор кеңеши акционерлердин Жалпы чогулушунун күн тартибинин маселелери боюнча чечимдердин долбоорлору жөнүндө Банктын акционерлерин өз убагында маалымдаганы үчүн жооп берет. Буга чогулушка катышуу үчүн каттоону жүргүзгөндө ар бир акционерге ушундай маалыматты берүү эсебинен жетсе болот.

2.15. Директорлор кеңеши төмөнкүлөрдүн жыйынтыктары жөнүндө акционерлерди өз убагында маалымдаганы үчүн жооп берет:

- акционерлердин өткөрүлгөн жалпы чогулуштары;
- ачылган маалымат Банктын ички документтери менен коммерциялык жашыруун сырга кирген учурлардан тышкары, Банктын өткөрүлгөн Директорлор кеңешинин жана Аткаруу органдын отурумдары.

2.16. Маалымдоо ыкмасы Банктын акционерлеринин көбүнчөсүнө жарактуу болушу керек, анын ичинде Банктын интернет-сайтында ушундай маалыматты жайгаштыруу менен чектелбейт.

## **Е. Банктын акцияларына дивиденддердин өлчөмүн жана аларды төлөп берүү тартибин аныктоонун ачык жана түшүнүктүү механизмин бекитүү**

2.17. Директорлор кеңеши Банктын ички документи түрүндө Банктын дивиденддик саясатын иштеп чыгат жана бекитет. Мындай документ төмөнкүлөрдү караштырат, бирок алар менен чектелбейт:

- отчеттук мезгилдин жыйынтыктары боюнча Банктын накта кирешеси бар болгону жөнүндө билдирүү, анын бир бөлүгүн дивиденддерди төлөөгө жөнөтүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө гана күбөлөндүрөт, бирок толук ишенимди бербейт;
- дивиденддерди төлөө боюнча жана алардын өлчөмү боюнча акционерлердин

Жалпы чогулушуна сунуштарды иштеп чыгууда, Банктын кийинки мезгилдерге пландаштырган инвестицияларды же капитал салымдарды эсепке алуу зарылчылыгы, ошондой эле ушул маселе боюнча Улуттук банктын талаптарын эсепке алуу зарылчылыгы;

– кийинки мезгилдерге Банктын болжолдонгон акча агымдарын талдоосунун негизинде дивиденддердин сунушталган өлчөмүнүн негиздемеси милдеттүү түрдө;
– дивиденддерди алууга акционерлердин укуктарынын ишке ашыруусуна көмөктөшкөн дивиденддерди төлөп берүү тартиби, ошол эле учурда Улуттук Банк бекиткен бардык пруденциалдуу ченемдерди аткаруу;
– корпоративдик иш-аракеттерди аткарууда Банктын акционерлеринин дивиденддик укуктарынын начарлоосуна жол бербөө Банктын милдети, анын ичинде Банк жаңыдан чыгарган акцияларды сатып алуусуна артыкча укуктарды бербей акционерлердин үлүштөрүнүн чектерин жоготуусун камтуу менен;
– Банктын дивиденддик саясатын интернет-сайтында ачуу милдеттүү түрдө.

### *Ж. Акционерлердин бузулган укуктарын калыбына келтирүүгө көмөктөшүү*

2.18. Банктын акционери укуктары бузулгандыгы жөнүндө Директорлор кеңешине билдирүү үчүн болгон күч-аракетин жумшашы керек, ал эми Директорлор кеңеши акционердин бузулган укуктарын калыбына келтирүү максатында ушундай маалыматты өз убагында жана бардык жагынан кароо үчүн бардык керектүү шарттарды түзөт.

2.19. Эгерде Банктын акционери Банктын өзүнө, анын кызматкер адамдарына каршы Банктын акционери катары укуктары бузулганы жөнүндө соттук териштирүүлөрдү демилгелесе, же болбосо Банк кабыл алган чечимдерине соттук тартипте каршылык көрсөтсө, Директорлор кеңеши акционер койгон дооматтардын негиздүүлүгүн иликтөө боюнча болгон күч-аракеттерин жумшайт жана пайда болгон пикир келишпестиктерди тезирээк жөнгө салуу үчүн чараларды көрөт.

2.20. Директорлор кеңеши Банктын акционеринен “кайтма байланышты” алуу, алардын кайрылууларын кароо үчүн бардык керектүү шарттарды түзөт жана Банк менен анын кызмат адамдары тарабынан акционердин укуктарын бузуусун алдын алуу максатында чараларды көрөт

## ГЛАВА III. БАНКТЫН ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИ

3.1. Директорлор кеңеши бүтүн Банк үчүн жеке жоопкерчиликти тартат, анын ичинде стратегиялык максаттарды бекитүү жана ишке ашыруусуна көзөмөл жүргүзүү, тобокелдиктерди башкаруу стратегиясы, корпоративдик башкаруу жана корпоративдик баалулуктар үчүн жеке жоопкерчилик тартат. Ошондой эле Директорлор кеңеши Аткаруу органдын ишине көзөмөл жүргүзүү үчүн жооп берет.

Жогоруда айтылган жоопкерчиликтин алкагында Директорлор кеңеши төмөнкүлөргө багытталган бардык маселелерди чечүү үчүн өзүнүн ыйгарым укуктарын активдүү колдонушу керек:

– Банктын бизнесинин стратегиясын иштеп чыгуу, бекитүү жана

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

тобокелдиктерди башкаруу;

– Банктын уюштуруучулук түзүмүн өркүндөтүү жана натыйжалуу корпоративдик башкаруусун өндүрүү;
– Банктын финансылык туруктуулугун камсыздоо;
– Банктын ички көзөмөлүнүн шайкеш системасын уюштуруу;
– Банктын Аткаруу органдын жана кызмат адамдардын ишине натыйжалуу көзөмөл жүргүзүү жана текшерүүлөрдү өткөрүү, өткөрүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыктары боюнча чараларды көрүү;
– ички аудит, тобокел-менеджмент жана комплайенс көзөмөл кызматтарынын жетекчилерин жана кызматкерлерин бекитүү, алардын эмгек акысынын шарттарын аныктоо.

3.2. Өз милдеттерин аткаруу үчүн Директорлор кеңеши төмөнкүлөргө милдеттүү:

– жөндүү жана объективдүү ой-пикирлерди чыгаруу, дасыктын керектүү деңгээлин кармоо жана колдоо жана жамааттык жана жеке тартипте иш билгиликти көрсөтүү;
– Директорлор кеңеши катары өз ишин жүргүзгөндө натыйжалуу корпоративдик башкаруунун эң жакшы үлгүлөрүн жолдоо;
– ишине натыйжалуу көзөмөлдү жүргүзүүдө ички көзөмөлдүн жана тобокелдиктерди башкаруунун компетенттүү, ишенимдүү жана көз карандысыз системаларына таянуу.

3.3. Директорлор кеңешинин мүчөлөрү ишин этияттык менен аткаруу милдетин жана Банкка карата калыстык милдетин аткарышы зарыл. Ушул талаптарды аткаруу Банктын ишине активдүү катышууну, Банктын бизнесинде жана анын айлана чөйрөсүндөгү ишкер климатында бардык олуттуу өзгөрүүлөр жөнүндө билүүнү, Банктын таламдарын коруну караштырат.

**3. Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрү Банктын, анын акционерлеринин жана аманатчыларынын таламдарын коруп, камкордук жана этияттык менен, маалыматты толук билүүнүн негизинде, ак ниеттүүлүк жана акылдуулук менен аракеттенишет.**

3.4. Директорлор кеңешинин ак ниеттүү жана акылдуу иш-аракеттери төмөнкү иш-аракеттердин аткаруусун караштырат:

– Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарынын жана Банктын Уставынын талаптарын сактап, өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде аракеттенүү;
– жүктөлгөн маселелерди жана милдеттерди аткаруу максатында берилген ыйгарым укуктарды колдонуу;
– керектүү мөөнөттүн ичинде жеткиликтүү маалыматты алуу үчүн болгон күч-аракеттерди жумшагандан кийин өзүнүн дасыгынын жана тажрыйбасынын негизинде чечимдерди кабыл алуу;
– таламдардын кагылышуусуна жол бербөө боюнча талаптарды аткаруу, таламдардын кагылышуусу пайда болгону жөнүндө Банктын башкармалык органдарына өз убагында билдирүү;
– акционерлерге карата тең кароо принцибин сактоо, бир акционерлердин таламдарын экинчи акционерлердин таламдарына караганда артыкча көрбөө;
– Банктын финансылык туруктуулугуна коркунуч келтирген бардык белгилүү

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

окуялар жөнүндө Банктын башкаруу органдарына билдирүү;

– Директорлор кеңеши кабыл алган чечимдер Банктын финансы туруктуулугуна жана аманатчылардын жана башка кредиторлордун мыйзамдуу таламдарына Директорлор кеңешинин мүчөсүнүн ой-пикири боюнча коркунуч келтирсе, ал жөнүндө Улуттук банкка билдирүүгө милдеттүү.

3.5. Банктын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматка Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн укугу, ушундай маалыматты жашырганы, бербегени, же болбосо талаптагыдай эмес бергени үчүн санкцияларды камтуу менен, Банктын бардык кызмат адамдарына жана кызматкерлерине аткаруу үчүн милдеттүү ченемдер түрүндө, Банктын ички документтеринде бекитилген. Банктын Директорлор кеңеши ушундай маалыматтын курамына жана берилген мөөнөттөрүнө талаптарды бекитет, ал эми керек болгон учурда Директорлор кеңешинин ар бир мүчөсү, таразаланган чечимди кабыл алуу үчүн ушундай маалымат керек болгон учурда, кошумча маалыматты берүүнү талап кылууга укуктуу:

– Директорлор кеңеши талап кылган документтерде конфиденциалдуу маалыматтын, анын ичинде Банктын коммерциялык (банктык) жашыруун сырын түзгөн маалыматтын бардыгы, аларды берүүгө тоскоолдук кылбайт, ал эми ушул маалымат берилген Директорлор кеңешинин мүчөсү Банктын ички документтеринде чагылдырылган маалыматтын конфиденциалдуулугун сактоого милдеттүү;
– Банктын ой-пикири боюнча суралган маалымат отурумдун күн тартибине же Директорлор кеңешинин компетенциясына тиешеси жок дегендин негизинде, Банк Директорлор кеңешине маалыматты берүүдөн баш тарта албайт.

3.6. Таламдардын кагылышуусу деп Банктын жана Директорлор кеңешинин мүчөсүнүн ортосунда таламдардын ар кандай карама-каршылыгын түшүнсө болот, анын ичинде ишкердик, достук, үй-бүлөлүк жана башка байланыштардын жана мамилелердин. Таламдардын кагылышуусунун пайда болушуна төмөнкүлөр алып келиши мүмкүн: Директор кеңешинин мүчөсү түз же кыйыр кызыкдар болгон бүтүмдөрдү түзүү, Банк менен атаандаш болгон юридикалык жактардын акцияларын сатып алуу, ошондой эле ушундай юридикалык жактарда кызматтарды ээлөө же болбосо алар менен келишимдик мамилелерди түзүү.

Директорлор кеңеши өзүнүн ишинде таламдардын кагылышуусунун терс таасирин жоюу боюнча төмөнкү чараларды колдонот, бирок алар менен чектелбейт:

– таламдардын кагылышуу, пайда болуу фактысы жана/ же анын кызыкдар болгону жөнүндө Директорлор кеңешинин Төрагасынын же корпоративдик катчынын дарегине Директорлор кеңешинин мүчөсүнүн алдын ала жазуу түрүндөгү билдирүүсү;
– кызыкдар болгонун ачуу менен байланышкан маселелер боюнча Директорлор кеңешинин тиешелүү мүчөсүнүн добуш берүүгө катышуу мүмкүнчүлүгү тууралуу Директорлор кеңешинин отурумунда ушундай билдирүүнү кароо.

Буга Банктын ички документтеринде Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө тиешелүү талаптарды бекитүү эсебинен жетсе болот.

3.7. Банктын Директорлор кеңеши Банктын таламында аракеттенет, жана көрсөтүлгөн таламдарга зыян келтирип иш-аракеттерди жүргүзүүгө же чечимдерди кабыл алууга түртүү максаты менен Директорлор кеңешинин мүчөсүнө кандайдыр бир таасир

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

тийгизүү мүмкүнчүлүгүн жок кылуу максатында, төмөнкү чараларды көрөт, бирок алар менен чектелбейт:

- Директорлор кеңешинин мүчөлөрү жана алардын жакын туугандары чечимдерди кабыл алууда кызыкдар болгон жактардан белектерди алууга, ошондой эле ушундай жактар көрсөткөн кандайдыр бир башка түз же кыйыр пайдалары менен колдонууга (расмий иш чараларды өткөрүүдө сыйлоонун жалпы кабыл алган эрежелерине ылайык көңүл буруу белгилеринен тышкары) чектемелерди белгилөө же тыюу салуу;
- Директорлор кеңешинин ушул мүчөсү басымдын астында болгону жөнүндө эсептөөгө шарттардын болгондугу жөнүндө Директорлор кеңешинин Төрагасынын же корпоративдик катчынын дарегине Директорлор кеңешинин мүчөсүнүн милдеттүү түрдө билдирүүсү.

**И. Банктын Директорлор кеңеши аткарган негизги иш-милдеттер**

***Банктын узак мөөнөттүү финансы таламдарын, тобокелдикке тартылуу жана аларды натыйжалуу башкаруу жөндөмдүүлүгүн эске алып Банктын бизнесинин жалпы стратегиясын бекитүү жана ага мониторинг жүргүзүү.***

3.8. Директорлор кеңеши Банктын өнүктүрүү стратегиясын (бизнес-планды) иштеп чыгуу жана мезгил-мезгили менен ондоо боюнча ишти уюштурат жана жүргүзөт. Мындай иш Банктын Аткаруу органы менен тыгыз байланышта жүргүзүлөт, ал эми Аткаруу органдын Банкты өнүктүрүү боюнча коюлган максаттар жөнүндө жана аларга жетүү үчүн коюлган маселелер жөнүндө так түшүнүгү болушу зарыл. Ушул иш-милдетти ишке ашыруунун алкагында Директорлор кеңеши:

- Банктын ишинин негизги багыттарын узак мөөнөткө белгилейт;
- Банк ишинин негизги көрсөткүчтөрүн жана негизги бизнес-максаттарын талкуулайт жана бекитет;
- Банктын стратегиясын иштеп чыгуу процессинин тиешелүү ресурстар менен бекемделишин камсыздайт жана стратегия даярдала турган форматты аныктайт;
- Банктын негизги операциялары (бизнес-процесстери) боюнча стратегияны жана бизнес-планды баалайт жана кубаттайт;
- иш-аракеттерди Банкты өнүктүрүүнүн негизги багыттарына туура келтирүү максатында, Банктын Аткаруу органдарына жана кызмат адамдарына көзөмөлдү уюштурат.

3.9. Директорлор кеңеши мезгил-мезгили менен:

- стратегиянын процесси коюлган критерийлерге дал келишине көңүл буруп, стратегияны аткарганы жөнүндө Банктын Аткаруу органдын отчетторун угат (бир кварталда 1 жолудан кем эмес);
- Банктын күчтүү жана начар жактарын, ишмердүүлүктүн болгон жана болжолдонгон экономикалык жана финансы шарттарын эске алып, Банктын өнүктүрүү стратегиясынын чындыкка жаткандыгын баалайт (жылына эки жолудан кем эмес);

Директорлор кеңеши Банктын мурда бекитилген максаттарга, стратегияларга же бизнес-пландарга бардык олутту өзгөрүүлөрдү киргизүүнүн талкуулоосуна баштапкы стадиясында катышуу үчүн болгон күч-аракеттерин жумшайт жана

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

үстүбүздөгү жылдын 31-декабрынан кечиктирбей, Улуттук банкка жөнөтүлгөн кайра каралган стратегиясын (бизнес-планды) жыл сайын бекитет.

3.10. Акционерлердин жалпы чогулушу тарабынан Банктын директорлор кеңеши менен Аткаруу органы берген Банктын бюджетин (финансы-чарбалык планын) жыл сайын бекитүүсү, каралган иш-милдетти ишке ашыруунун негизги формаларынын бири болуп саналат. Ошону менен бирге финансы-чарбалык пландын детализация даражасы, ушул пландын алкагында Банктын Аткаруу органына Банктын учурдагы ишине жетекчилик жүргүзгөндө демилге көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк бериши керек.

### *Банкта ички көзөмөл жана тобокелдиктерди башкаруу системаларын уюштуруу*

3.11. Банктын Директорлор кеңеши Банктагы ички көзөмөлдүн жана тобокелдиктерди башкаруунун шайкеш системасын уюштуруусу жана иштеши үчүн жооп берет.

3.12. Банктын Директорлор кеңеши ички көзөмөлдүн жана тобокелдиктерди башкаруунун системасын уюштуруусу жана иштеши боюнча Банктын ички документтерин иштеп чыгат жана бекитет, жогорудагы системалардын иштеши үчүн жооптуу болгон Банктын түзүмдүк бөлүмдөрүн түзөт, алардын натыйжалуу иштеши үчүн керектүү болгон уюштуруучулук жана финансы маселелерин чечет.

3.13. Ички көзөмөлдүн жана өзүнүн интернет-сайты аркылуу Банктагы тобокелдиктерди башкаруунун натыйжалуу системасын уюштурууда аткарган кызматына байланышкан милдеттерин Директорлор кеңешинин мүчөлөрү аткарганы жөнүндө маалыматты Банк квартал сайын ачат.

3.14. Банктын Директорлор кеңеши Аткаруу органы жана Банктын көзөмөлдөнүүчү бөлүктөрү (ички көзөмөл кызматы, тобокел-менеджмент кызматы жана Комплаенс кызматы) менен биргелешип, кемчиликтерди аныктоо жана аларды жоюу максаты менен, ошондой эле кооптуу тобокелдиктерди жана чечүүнү талап кылган башка көйгөйлөрдү идентификациялоо үчүн ички көзөмөл саясатынын жана системасынын талдоосун дайыма жүргүзүп турушу керек. Директорлор кеңеши көзөмөлдөнгөн бөлүктөрдүн тиешелүү статусунун болушуна, талаптагыдай комплекттөөсүнө жана каржыланышына, өзүнүн милдеттерин көз карандысыз жана натыйжалуу аткарышына көзөмөл жүргүзүшү керек.

3.15. Банктагы ички көзөмөлдүн жана тобокелдиктерди башкаруунун шайкеш системасын уюштуруу боюнча Банктын Директорлор кеңешинин милдети Банктын Уставында бекитилген, ушул функцияны ишке ашыруу үчүн колдонулган ыкмалар, усулдар жана куралдар Банктын ички документтеринде белгиленген, жана төмөнкүлөрдү камтышы керек, бирок алар менен чектелбейт:

- ички көзөмөл жана тобокелдиктерди башкаруу тармагындагы саясаттарды (жоболорду) Директорлор кеңеши тарабынан бекитүү;
- ушундай системалардын олуттуу кемчиликтери жөнүндө Директорлор кеңешине өз убагында билдирүү үчүн жоопкерчиликти камтуу менен, бекитилген саясаттарга ылайык, тобокелдиктерди башкаруу жана ички көзөмөлдүн натыйжалуу системасын түзүүсү жана иштеши үчүн Директорлор кеңешинин алдында жоопкерчиликти Банктын Аткаруу органына жүктөө;
- Банк үчүн тобокелдиктердин алгылыктуу деңгээлин (тобокел-аппетит) белгилеп, Банктын Аткаруу органы менен биргелешип тобокелдиктердин баалоосуна катышуу Директорлор кеңешинин милдети;

– бүтүн Банк боюнча тобокелдик менен кирешелүүлүктүн ортосунда оптималдуу балансқа жетүү үчүн тобокелдерди башкаруу боюнча жол-жоболорду бекитүүдө, мыйзамдарды, ички документтердин талаптарын жана Банктын Уставын аткарууда, Директорлор кеңеши тарабынан Банктын Аткаруу органдарынын, анын түзүмдүк бөлүктөрүнүн жана негизги кызматкерлеринин иши үчүн шайкеш стимулдарды иштеп чыгууга умтулуу;
– тобокелдиктерди башкаруу жөнүндө Директорлор кеңешине мезгил-мезгили менен отчет берүүгө жана тобокелдик окуялар башталганы үчүн өбөлгө бардыгы жөнүндө, же болбосо тобокелдик окуясы башталганы жөнүндө Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө өз убагында билдирүүгө Банктын Аткаруу органы үчүн милдеттенмени белгилөө.

***Банктын Директорлор кеңешин жана Аткаруу органын шайлоо боюнча ачык механизмдерди камсыздоо***

3.16. Директорлор кеңешине жана Аткаруу органына талапкерлерди көрсөтүүнүн жана шайлоонун ачык жол-жоболорун Директорлор кеңеши камсыздайт, анын негизине төмөнкү принциптер коюлат, бирок алар менен чектелбейт:

– Банктын шайлануучу органдарына талапкерлерди көрсөтүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө жана кемтиксиз иш зоболосу менен талапкерлер ушул талаптарга дал келиши жөнүндө Банктын акционерлерине алдын ала билдирүү;
– талапкерлерге коюлган талаптарды камтуу менен, Банктын шайлануучу органдарына талапкерлерди көрсөтүү боюнча талаптарды Банктын интернет-сайтында жайгаштыруу;
– Банктын Уставында ушундай жол-жобо каралган учурда, ушундай талапкер Банктын акционерлеринин Жалпы чогулушунда каралганга чейин, Банктын Директорлор кеңешинин курамындагы бош орунга талапкерди тандоо жол-жобосун ачык баяндоо;
– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленгенден кем эмес өлчөмдө талапкерлер жөнүндө маалыматты, ошондой эле ушул талапкер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көз карандысыз директорлорго коюлган талаптарга дал келиши жөнүндө маалыматты камтуу менен, Банктын шайлануучу органдарына талапкерлер жөнүндө маалыматты, Директорлор кеңеши тизмесин бекиткенден кийин жалпыга ачык-айкын ачуу;
– Банктын шайлануучу органдарына көрсөтүлгөн талапкерди киргизүүдөн баш тартканы жөнүндө өз убагында жана далилденген жазуу түрүндөгү билдирүү.

***Банктын аткаруу органынын ишине көзөмөл***

3.17. Банктын Аткаруу органы Директорлор кеңешине отчет берет жана Директорлор кеңеши тарабынан көзөмөлдөнөт, Директорлор кеңеши ишмердүүлүгүнө көзөмөлдү камсыздоо үчүн отчёттуулуктун ачык жана натыйжалуу системасын жана көзөмөлдөө жол-жоболорун иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат.

3.18. Директорлор кеңеши Банктын Аткаруу органдын ишинин натыйжалуулугун баалоо жол-жобосун, анын ичинде ушундай баалоонун критерийлерин иштеп чыгат жана бекитет, ошондой эле мезгил-мезгили менен ушундай баалоону өткөрөт.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

3.19. Директорлор кеңеши шайкештигин жана жакшыртуусун колдоо максатын, отчёттуулук системасын, көзөмөлдөө жана баалоо жол-жоболорун жана баалоонун критерийлерин жыл сайын карап чыгат.

3.20. Директорлор кеңеши Банктын Аткаруу органдын мүчөсү менен “типтүү контрактты” иштеп чыгат жана бекитет, ошондой эле Банктын Аткаруу органдын мүчөлөрүнө талапкерлер менен, аларды жалдоо боюнча добуш берүү жол-жобосу өткөрүлгөнгө чейин, жалдоонун жеке шарттарын талкуулоо мүмкүнчүлүгүн караштырат.

### *Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө, аткаруу органдарына жана негизги жетекчи кызматкерлерине сый акы берүү тармагында саясатты иштеп чыгуу*

3.21. Банк, Директорлор кеңешинин атынан төмөнкү кызмат адамдарына сый акыны жана (же) компенсацияларды төлөө саясаттарын иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат:

- Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө;
- Аткаруу органдын мүчөлөрүнө;
- ички аудит кызматынын кызматкерлерине;
- тобокел-менеджмент кызматынын кызматкерлерине;
- Комплаенс көзөмөл кызматкерлерине;
- корпоративдик катчыга.

3.22. Банктын кызмат адамдарына сый акыларды жана (же) компенсацияларды төлөө саясаты ачыктык, отчёт берип туруу принциптерине жооп берет жана Банктын ишмердүүлүгүндө ушул адамдардын ролун эске алат.

3.23. Көрсөтүлгөн саясаттарды бекитүү, Банктын тиешелүү кызмат адамдарды тандаган (дайындаган) башкаруу органы тарабынан жүргүзүлөт.

3.24. Директорлор кеңеши сый акыларды төлөп берүү системасын иштеп чыгуусун жана иштешин дайыма көзөмөлгө алып турушу керек, алгачкы ойлогон ойдон четтебөө максатында, мониторингди жана сый акыларды төлөп берүү системасынын баалоосун жүргүзүшү керек.

3.25. Директорлор кеңешин сыйлоо саясаты Директорлордун жана акционерлердин таламдарынын жакындатуусун өбөлгөлөөдө негизделген, жана Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө төлөнгөн сый акылардын бардык түрлөрүн жана чыгымдардын компенсацияларын, анын ичинде Директорлор кеңешинин төрагасы жана комитеттин төрагасы комитеттердин ишине катышканы үчүн, аткарган иш-милдеттери үчүн сый акыларды жөнгө салат.

3.26. Аткаруу органды жана негизги кызматкерлерди сыйлоо системасы Банктын узак мөөнөттүү таламдарына ылайык түзүлүп жана Банктын ишинин объективдүү жыйынтыктарына себеп болушу керек. Анда, ушул саясат жайылган негизги жетектөөчү кызматкерлердин курамы (кызматтардын тизмеси) аныкталышы керек. Көрсөтүлгөн саясат сый акынын бардык формаларын жана башка материалдык пайдаларды, анын ичинде Банктын аткаруу органдардын мүчөлөрүнө жана башка негизги жетектөөчү кызматкерлерине берилген чыгымдардын компенсацияларын, жеңилдиктерди, пенсиялык чегерүүлөрдү, камсыздандыруучу сый акыларды жана башка төлөмдөрдү  тартипке салат

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

3.27. Банктын кызмат адамдарын сыйлоо саясаттары жамааттык жана жеке көрсөткүчтөргө жетүү контекстинде алардын ишин баалоо критерийлерин (натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрү) камтышы керек.

3.28. Банктын Директорлор кеңеши, кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү мотивациянын алкагында Аткаруу органдардын мүчөлөрү алган, мыйзамга ылайык болбогон каражаттарды Банкка төлөп берүүгө багытталган иш-аракеттерди аткарат.

***Таламдардын конфликтине көзөмөл, Банктын органдары, Банктын акционерлери жана Банктын кызматкерлеринин ортосунда ички конфликттерди алдын алуу, аныктоо жана жөнгө салуу.***

3.29. Банктын Директорлор кеңешинин таламдардын конфликтине карата документалдуу белгиленген саясаты жана аны ишке ашыруу тартиби бар. Бул саясат төмөнкүлөрдү караштырышы керек:

- таламдардын конфликтинин пайда болушуна шарттарды түзүүгө алып келиши мүмкүн болгон ишмердүүлүктөн четтөөгө Директорлор кеңешинин милдети;
- таламдардын конфликтине өбөлгө түзбөө үчүн, тигил же бул иш менен алектенүүнү каалаган Директорлор кеңешинин мүчөлөрү үчүн уруксаат алуусун текшерүү же уруксат алуу тартиби;
- таламдардын конфликтине негиз болгон фактылар жөнүндө билдирүүгө Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн милдети;
- таламдардын конфликтине алып келиши мүмкүн болгон же насыя уюмуна карата өз милдеттерин ак ниеттүү аткаруу мүмкүнчүлүгүнө жана объективдүүлүгүнө таасир тийгизиши мүмкүн болгон маселелер боюнча добуш берүүдөн өзүн өзү токтотуу Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн милдети;
- “жакынкы аралыкта” принциби боюнча байланышкан тараптар менен операцияларды жүргүзүү тартиби;
- Белгиленген талаптар бузулган учурда Директорлор кеңешинин иш-аракеттери.

3.30. Директорлор кеңеши таламдар конфликтинин чектөө саясаты жөнүндө жана таламдардын конфликтинин мүмкүнчүлүктүү варианттары жөнүндө маалыматты, ошондой эле бекитилген саясаттын алкагында болбогон олуттуу таламдардын конфликтин жана Банктын бириккен статусунан келип чыккан таламдардын конфликтин башкаруу ыкмалары жөнүндө маалыматты көпчүлүккө айкын ачуусун камсыздайт.

3.31. Башкаруу органдарынын ортосунда ички конфликттерди алдын алуу жана чечүү жана Банкты Акционерлер жана кызматкерлер тарабынан көзөмөлдөө максатында, Директорлор кеңеши төмөнкү принциптерди колдонот:

- Банктын 5% жана андан ашык акциясына ээ болгон Банктын кызмат адамдарынын жана акционерлеринин өзүнүн биригишкен жактарынын тизмесин Банкка ачуу жана мезгил-мезгили менен аны жаңыртуу милдетин Банктын Уставында белгилөө;
- Банктын ар кайсы акционеринин Директорлор кеңешинин дарегине түз кайрылуу мүмкүнчүлүгүн бекитүү, жана ушул кайрылуу түшкөн күндөн баштап 10 күндөн кечиктирбей аны кароо;
- Банктын органы менен анын акционеринин (акционерлердин) ортосунда,

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ошондой эле конфликт Банктын таламдарына таасир тийгизген учурда, акционерлердин ортосунда конфликти алдын алуу жана жөнгө салуу (анын натыйжаларын минимизациялоо) үчүн бардык керектүү жана мүмкүн болгон чараларды көрүү, анын ичинде медиацияны камтуу менен, талаш-тартышты чечүүнүн соттон тышкаркы жол-жоболорун колдонуу;

- корпоративдик конфликттин пайда болушуна алып келиши мүмкүн болгон, Банктын иш-аракеттерин жана чечимдерин алдын ала баалаган, корпоративдик конфликттерди алдын алуу боюнча Банктын Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөлөрүнө өзгөчө ролду берүү, ал эми терс корутунду берилгенде тиешелүү иш-аракеттерди (чечимдерди) жүргүзүүгө (кабыл алууга) сунуш кылынбайт:
- тиешелүү чечимди кабыл алганга чейин жана (же) тиешелүү маселе каралганга чейин таламдардын конфликти пайда болгону жөнүндө Директорлор кеңешине билдирүүгө Банктын кызмат адамдарынын милдетин бекитүү;
- Банктын бардык акционерлерине бирдей мамиле жасоо, анын ичинде акциялардын контролдук пакетинин кармоочуларынын таламдарын көздөп же кыянаттык кылуусуна каршы аракеттер.

***Банк тарабынан маалыматтын ачуусуна жана акционерлерге маалыматты берүүсүнө көзөмөл***

3.32. Банк маалыматты ачканына, ошондой эле акционерлерге маалыматты бергенине көзөмөл жүргүзүү, Банктын ачыктыгы менен коммерциялык таламдарды аткаруунун ортосунда тиешелүү баланстын сактоосун караштырган, Банктын маалыматтык саясатын иштеп чыгуу, бекитүү жана аткаруусуна көзөмөл аркылуу Директорлор кеңеши тарабынан ишке ашырылат.

3.33. Акционерлерге маалыматты ачуунун негизги ыкмалары катары, Банктын ички документтеринде төмөнкү ыкмалар белгиленген:

- почта байланыш аркылуу жеке жөнөтүү (мыйзамдарда белгиленген же учурда зарылчылык болгон учурларда);
- Банктын интернет-сайты (бардык учурларда);
- маалыматты берүү тууралуу акционердин кайрылуусуна жазуу түрүндөгү жооп (кайрылганга жараша).

3.34. Банктын маалыматтык саясатын аткаруусуна учурдагы көзөмөлдү уюштуруу Банктын корпоративдик катчысына жүктөлгөн, ал квартал сайын Директорлор кеңешине ушул маселе боюнча отчёт берип турат.

***Банктын корпоративдик башкаруу тажрыйбасына көзөмөл жана корпоративдик башкаруунун натыйжалуулугун жана Банктын башкаруу жана көзөмөлдөө органдарынын ишин баалоо***

3.35. Банктын Директорлор кеңеши Банктагы корпоративдик башкаруу тажрыйбасына көзөмөл уюштурат. Көзөмөлдөө жол-жоболору, аларды берүү мезгили жана ушундай жол-жоболорду жүргүзгөнү үчүн жооптуу адамдар Банктын ички документтеринде белгиленген. Банктын Директорлор кеңеши жылына бир жолудан кем эмес Банктагы корпоративдик башкаруу тажрыйбасынын баалоосун жүргүзөт,

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ушундай баалоонун жыйынтыктарын отурумунда карайт жана аны өркүндөтүүгө багытталган чечимдерди кабыл алат.

3.36. Ушундай баалоону жүргүзүү багыттары Банктын корпоративдик башкаруу тажрыйбасынын ылайыктуулугунун баалоосун камтыйт, бирок аны менен чектелбейт:

– анын максаттарына жана маселелерине, иштин масштабына жана жолуккан тобокелдиктерге;
– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине жана ушул Кодекстин жоболоруна.

3.37. Банк корпоративдик башкаруу тажрыйбасын өркүндөтүү боюнча иши жөнүндө маалыматты жана Банктын иши жөнүндө жылдык отчётту өзүнүн интернет-сайты аркылуу ачат.

3.38. Банкта Директорлор кеңешинин жана Аткаруу органдын ишинин натыйжалуулугун баалоосу өндүрүлгөн. Ушундай баалоонун максаттары болуп, Директорлор кеңешинин жана Аткаруу органдын ишинин натыйжалуулугунун даражасын аныктоо, иши Банкты өнүктүрүү муктаждыктарына ылайыктуулугу, Банктын органдарынын ишин активизациялоо жана иши жакшы боло турган тармактарды аныктоо саналат.

3.39. Директорлор кеңешинин ишинин натыйжалуулугун баалоо, анын толук ишинин баалоосун гана эмес, комитеттеринин ишин баалоосун, Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн, төрагасынын ишин баалоосун дагы камтыйт.

3.40. Ушундай баалоонун көз каранды эместигин жогорулатуу үчүн Банк ушул тармактагы көз карандысыз эксперттерин тартышы мүмкүн, ал эми баалоо жыл сайын өткөрүлүшү керек.

**К. Директорлор кеңешинин курамы Директорлор кеңешине жүктөлгөн иш-аракеттердин натыйжалуу жүргүзүүсүнө көмөктөшү керек.**

3.41. Банктын Директорлор кеңеши төмөнкүлөрдү негизге алып, Банктын Директорлор кеңешинин талапкерлерине жана мүчөлөрүнө талаптарды иштеп чыгат жана бекитет:

– кемчиликсиз ишкер жана жеке зоболосу;
– Директорлор кеңешинин компетенциясына кирген чечимдерди кабыл алуу жана иш-аракеттерин натыйжалуу жүргүзүү үчүн талап кылынган билимдерге, ыкмаларга жана тажрыйбага ээ болуу.

3.42. Директорлор кеңешинин талапкерлерине жана мүчөлөрүнө коюлган талаптар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген минималдуу талаптарга, көз карандысыз критерийлерге жана Улуттук банктын талаптарына ылайык болот.

3.43. Банк Директорлор кеңешинин талапкерлерине жана мүчөлөрүнө коюлган талаптар жөнүндө маалыматты өзүнүн интернет-сайтында айкын ачат, ошондой эле Директорлор кеңешинин ар бир мүчөсү жана Банктын башкаруу жана көзөмөлдөө органдары жөнүндө маалыматты өзүнүн интернет-сайтында ачат.

3.44. Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө талапкердин керектүү дасыгы бар болгону жөнүндө жана Директорлор кеңешинин мүчөсү катары өз милдеттерин аткарууга убактысы жана каалоосу бар болгону жөнүндө Директорлор кеңеши текшериши керек.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

3.45. Милдеттерди аткаруу үчүн керек болгон кесиптик деңгээлдеги билимдерди жана ыкмаларды колдоо максатында, берилген темаларга атайын иштелип чыккан программалар боюнча өз мүчөлөрүнүн дасыгын дайыма жогорулатуусун Банктын Директорлор кеңеши камсыздайт. Банк ушул максаттарга убакытты, каражаттарды жана башка ресурстарды бөлүп берет.

3.46. Банктын ички документтери Директорлор кеңешине жаңы шайланган мүчөлөрдүн кызматка кирүү жол-жобосун караштырат, ал төмөнкүлөрдү караштырат, бирок алар менен чектелбейт:

- Директорлор кеңешинин ишинин түзүлгөн тажрыйбасы, Банктын ички документтери жана Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн милдеттери менен Директорлор кеңешинин жаңы шайланган мүчөлөрүн тааныштыруу;
- кызыкдар болгон Кеңештин мүчөлөрү үчүн корпоративдик башкаруу тармагында жана аны менен чектеш тармактарда дасыкты жогорулатуу программасынын бардыгы.

3.47. Банктын Директорлор кеңешинин сан боюнча курамы, Банктын ийгиликтүү өнүгүүсүнө максималдуу салымды кошуу максатында, өз ишин натыйжалуу уюштурууга, анын ичинде Директорлор кеңешинин комитеттерин түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

***Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн көз каранды эместиги***

3.48. Банк, акционерлердин жана Директорлор кеңешинин атынан, төмөнкүлөрдү аткаруу үчүн болгон күч-аракетин салат:

- Банктын Директорлор кеңешинин курамында 1/3 бөлүгүнөн кем эмес көз карандысыз Директорлордун болушу;
- Банктын акционерлерин көзөмөлдөгөн ыйгарым укуктуу жактар болуп саналган Директорлор кеңешинин мүчөлөрү (келишим же макулдашуу боюнча) алардын алдында Банкты башкаруунун негизги маселелеринин чектелген чөйрөгө карата гана милдеттенмелери бар;
- Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн көзөмөлдөөчү акционердин алдында милдеттенмелердин тизмеси Банктын интернет-сайтында ачылат;
- көзөмөлдөөчү акционер Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө өзүнүн таламдарын көрсөтүүгө ыйгарым укукту берген келишимдин же макулдашуунун шарттары, өзүнүн милдеттерин ушул келишимдерге же макулдашууларга ылайык аткаргандын натыйжасында пайда болгон ар кандай жыйынтыктар үчүн Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн жоопкерчилигинин чектөөсүн караштырышы керек.

3.49. Банктын Директорлор кеңешинин кайсы бир мүчөсү көз каранды эмес болуп саналганы жөнүндө маалыматтын ачылышы үчүн Банктын Директорлор кеңеши жооп берет, ал эми көз каранды мүчөлөрүнө карата болсо, ушундай көз каранды критерийлери жөнүндө маалыматтын ачылышы үчүн жооп берет.

3.50. Директорлор кеңешинин мүчөсүнүн көз каранды эместигин аныктоо максатында Банк колдонулган негизги критерийлер катары (Директорлор кеңешинин мүчөсүнүн көз каранды эместигинин критерийлери) “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө” Мыйзамынын 101-беренесине ылайык критерийлер колдонулат.

3.51. Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө көз карандысыз талапкерлердин баалоосун Директорлор кеңеши өткөрүшү керек жана көз карандысыз талапкер жөнүндө корутунду жасашы керек, ошондой эле Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөлөрүнүн көз карандысыз критерийлерине ылайык болушунун талдоосун дайыма жүргүзүп турушу керек.

3.52. Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөсү, аны көз каранды кылган аракеттерди жасабашы керек. Тигил же бул адамды Директорлор кеңешине көз карандысыз мүчө катары шайлагандан кийин, ар кандай өзгөрүүлөрдүн же жагдайлардын натыйжасында бул адам көз карандысыз статусун жоготушу мүмкүн болсо же жоготсо, Директорлор кеңешинин ушул мүчөсү бардык өзгөрүүлөрдү жана жагдайларды көрсөтүп, ал жөнүндө Директорлор кеңешине билдирүүгө милдеттүү, ал эми Директорлор кеңеши – Директорлор кеңешинин мүчөсү көз карандысыз мүчөсүнүн статусун жоготкону жөнүндө маалыматтын ачылышын камсыздашы керек.

**Л. Директорлор кеңешинин ишин уюштуруу**

***Банктын Директорлор кеңешинин төрагасы Директорлор кеңешине жүктөлгөн иш-аракеттердин натыйжалуу жүргүзүүсүнө көмөктөшөт.***

3.53. Банктын Директорлор кеңешинин Төрагасынын негизги ролу, Банктын ички документтеринде белгиленген төмөнкү милдеттерди камтыйт, бирок алар менен гана чектелбейт:

– Директорлор кеңешинин иш планын иштеп чыгуу жана отурумдардын күн тартибин түзүү;
– күн тартибинин маселелери боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн керек болгон маалымат менен Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн өз убагында камсыздоосуна көзөмөл жүргүзүү;
– Директорлор кеңешинин отурумдарында конструктивизм жана эркин талкуулоо чөйрөсүн түзүү, анын ичинде чыгарган чечимдердин долбоорлорун түзүүгө катышуу;
– Аткаруу органы жана Банкты көзөмөлдөгөн акционер кабыл алган чечимдер жөнүндө маалыматтын берүүсүн камтуу менен, Директорлор кеңешинин отурумдарынын протоколун өз убагында жана талаптагыдай түзүлүшүн уюштуруу жана ага көзөмөл жүргүзүү;
– Банктын иши жөнүндө толук жана ишеничтүү маалыматты өз убагында алуу максатында, башка органдары жана Банктын кызмат адамдары менен туруктуу байланыштарды колдоону камтуу менен, Директорлор кеңешинин чечимдерин аткаруусуна көзөмөл жүргүзүү.

3.54. Банктын Директорлор кеңешинин Төрагасы Банктын акционерлери аны менен эркин катышуусун уюштуруу үчүн жооп берет.

***Банктын Директорлор кеңешинин отурумдарын өткөрүүгө даярдык көрүү жана өткөрүү тажрыйбасы анын натыйжалуу ишмердүүлүгүн камсыздайт***

3.55. Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрү Директорлор кеңешинин отурумдарына жана Директорлор кеңешинин комитеттерине активдүү катышуу үчүн болгон күч-

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

аракеттерин салышат, өзгөчө учурларда гана чечимдерди кабыл алуу үчүн сурамжылоо ыкмасын колдонушат (отурумду сырттан өткөрүү формасы).

3.56. Банктын Директорлор кеңешинин отурумдарын өткөрүүнүн календардык планы болот, ал план Уставда жана Банктын ички документтеринде, ушул Кодексте коюлган маселелерден турат, бирок алар менен чектелбейт.

3.57. Директорлор кеңеши жана анын Төрагасы, ошондой эле Директорлор кеңешинин отурумун чакырууга укугу бар болгон адамдар, төмөнкүлөр үчүн болгон күч-аракеттерин салышат жана умтулушат:

- отурумдарды өткөрүүнүн жыштыгы ылайыгына карап өткөрүлүшү керек;
- Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө күн тартиптин маселелери боюнча маалымат менен таанышууга берилген убакыт, аны бардык жагынан иликтөө үчүн жетиштүү болушу керек;
- Директорлор кеңеши тарабынан тез чечүүсүн талап кылган маселелердин пайда болуу мүмкүнчүлүгү төмөн болушу керек;
- керектүү маалымат кечиктирилип берилген, жана аны иликтөө үчүн жетишүү убакыт болбогон, же маалымат берилбеген учурда, Банктын Директорлор кеңешине отурумдун күн тартибинин маселесин талкуулоосун кийинкиге жылдыруусу сунушталат, эгерде ал үчүн кезексиз отурумду чакырууга мажбур болушса дагы.

3.58. Төмөнкү маселелерди Директорлор кеңешинин отурумдарында гана кароо үчүн Директорлор кеңеши болгон күч-аракетин салат:

- Банктын өнүктүрүү стратегиясына жана/ же финансы-чарбалык планына (бюджет, бизнес-план) өзгөрүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү, бекитүү, ошондой эле аларды аткарганы жөнүндө отчётторду кароо жана бекитүү;
- чакыруу тартибине жана Банктын акционерлеринин Жалпы чогулушуна тиешелүү болгон бардык маселелер;
- Директорлор кеңешинин Төрагасынын, ошондой эле Аткаруу органдын мүчөлөрүнүн жана корпоративдик катчынын милдеттерин аткаруучу адамдарды шайлоо, кайтадан шайлоо, ыйгарым укуктарын токтотуу жана аларды дайындоо;
- “ири бүтүм” деген түшүнүгүнө кирген, баалуу кагаздарды чыгаруу жана/ же зайымдарды алуу жолу менен кошумча финансылоону тартуу маселелерин камтуу менен, ири бүтүмдөргө жана кызыкдар болгон бүтүмдөргө уруксаат берүү жана/ же бекитүү;
- Банк көзөмөлдөгөн юридикалык жактардын ишинин аспектилерин кароо;
- ички көзөмөл жана тобокелдиктерди башкаруу системалардын ишине тиешелүү болгон отчётторду кароо жана бекитүү.

3.59. Директорлор кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү Директорлор кеңешинин отурумдары Директорлор кеңешинин чечимдери иштелип чыга турган аянт болсун деп болгон күч-аракеттерин салышат жана маселелерди талкуулоо жана алар боюнча чечимдерди иштеп чыгуу отурумдун убактысынын 80%кем эмес убакытты (калган убакыт суроолорду, докладдарды окуу жана добуш берүү техникалык маселелерине бөлүнөт) ээлесин деп болгон күч-аракеттерин салышат.

***Банктын Директорлор кеңеши кабыл алган чечимдерди тариздөө жана ар бир мүчөсүнүн ой-пикирин эске алуусун камсыздоо***

3.60. Директорлор кеңешинин мүчөлөрү айткан ой-пикирлерди адилеттүү жана ар тараптан эске алуу максатында, Банктын Директорлор кеңешинин отурумдарынын протоколун даярдоо жол-жобосу төмөнкү талаптарды караштырат, бирок алар менен чектелбейт:

- Банктын Директорлор кеңешинин отурумунун протоколуна (катышуучулардын сүйлөгөн сөздөрүнүн толук жазуу түрүндөгү текст) ага катышкан Директорлор кеңешинин бардык мүчөлөрү кол коюшат, ал эми отурумга катышпаган Директорлор кеңешинин мүчөлөрү кабыл алынган чечимдер менен тааныштырылышы керек.
- Отурумда кабыл алынган чечимден айырмаланган ой-пикири бар болгон, же болбосо кабыл алынган чечимге каршы болгон Директорлор кеңешинин мүчөлөрү өз ой-пикирин отурумдун протоколуна чагылдырууга укуктуу.

3.61. Банктын ички документтери Директорлор кеңеши кабыл алган чечимдер жөнүндө Банктын кызмат адамдарын маалымдоо жана ал жөнүндө маалыматты көпчүлүккө ачуу боюнча төмөнкү ченемдерди караштырат, бирок алар менен чектелбейт:

- Директорлор кеңешинин чечими күчүнө кирген убакытты так көрсөтүү;
- жөнөкөй жол-жоболор жана Банктын Директорлор кеңеши кабыл алган чечимдер жөнүндө Банктын кызмат адамдарын өз убагында маалымдоо боюнча жооптуу адамдар, анын ичинде анын формалары, мөөнөттөрү, ошондой эле талаптагыдай маалымдабаган учурда, жооптуу адамдардын жоопкерчилигин чектөө, жана  маалымдабаган үчүн жоопкерчилик;
- Директорлор кеңешинин өткөрүлгөн отурумдары жөнүндө маалыматты жана анда кабыл алынган чечимдерди интернет-сайты аркылуу ачуу.

***Банктын Директорлор кеңеши Банктын ишинин эң маанилүү маселелерин алдын ала кароо үчүн комитеттерди түзөт.***

3.62. Директорлор кеңешинин комитеттерин түзүү максаты, Банк ишинин маанилүү маселелерин алдын ала кароо жана компетенциясына тиешелүү болгон чечимдерди кабыл алуу үчүн Банктын Директорлор кеңешине сунуштамаларды иштеп чыгуу саналат.

3.63. Директорлор кеңешине отчёт берген комитеттерди түзүү жөнүндөгү чечим Директорлор кеңеши тарабынан кабыл алынат, ошону менен бирге:

- ар бир комитеттин сан боюнча курамы Директорлор кеңешинин 3 мүчөсүнөн кем болбошу керек;
- Улуттук банк бекиткен көз карандысыз критерийлери боюнча комитеттин мүчөлөрүнө карата талаптарды аткаруу.

3.64. Комитеттин курамына Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрү гана шайланышы мүмкүн, ошону менен бирге комитеттердин ишине убактылуу же туруктуу негизде эксперттер жана консультанттар тартылышы мүмкүн, алардын комитеттин компетенциялары маселелери боюнча чечимдерди кабыл алууда  добуш берүүгө укугу жок.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

3.65. Комитеттердин ишин тартипке келтирүү максатында, Директорлор кеңеши ар бир комитеттин маселелерин, ишти уюштуруу, түзүү тартибин, ошондой эле отчёттуулукту аныктаган, ички документти бекитет.

3.66. Банктын Директорлор кеңеши комитеттеринин курамы жана алардын иши жөнүндө маалыматты Банктын жылдык отчётунда көрсөтөт, ошондой эле Банктын интернет-сайты аркылуу дайыма көрсөтүп турат.

3.67. Директорлор кеңешинин комитеттеринин отурумдары жана алардын чечимдери документтештирилет (протоколдор, талкуулоонун жана кабыл алган чечимдердин резюмеси), ушул документтердин негизинде, комитеттердин өз милдеттерин аткарганы жана ишинин натыйжалуулугу Директорлор кеңеши, ошондой эле Улуттук банк тарабынан бааланат.

3.68. Банктын Директорлор кеңешинин комитеттеринин адистештирилиши төмөнкү багыттарга ылайык болот, бирок алар менен чектелбейт:

- аудит;
- банк тобокелдиктери жана тобокелдиктерди башкаруу;
- стратегия;
- номинациялар (кадрлар);
- сый акы;
- корпоративдик башкаруу;
- этика.

## ГЛАВА IV. БАНКТЫН АТКАРУУ ОРГАНЫ

4.1. Банктын Директорлор кеңешинин көрсөтмөлөрүн аткаруу үчүн, Банктын ишмердүүлүгү бизнестин стратегиясына, тобокелдиктин алгылыктуу чектеринин максаттуу көрсөткүчтөрүнө (risk tolerance) / уюм кабыл алышы мүмкүн болгон тобокелдиктин алгылыктуу жалпы деңгээлине (risk appetite) жана Директорлор кеңеши бекиткен саясаттарга ылайык жүргүзүлүшүн Банктын Аткаруу органы камсыздашы керек.

4.2. Банктын корпоративдик башкаруу системасы жана тажрыйбасы, Банктын учурдагы ишин натыйжалуу башкаруусун жүргүзүү үчүн Банктын Аткаруу органына акылга сыярлык, ак ниеттүүлүк менен Банктын жана анын акционерлеринин таламдарында ишти алып баруусун, ошондой эле Банктын Директорлор кеңешине отчёт берүүсүн камсыздайт, ошону менен бирге:

- ак ниеттүүлүк менен жана Банктын таламдарында ишти алып баруу милдети, Аткаруу органдын мүчөлөрү Уставда белгиленген укуктарын жүзөгө ашырууда жана милдеттерин аткарууда, ушундай жагдай болгон учурда жакшы жетекчиден күтүүгө болгон камкордуктун жана этияттыктын ошондой даражасын көрсөтүүсүн билдирет;
- Аткаруу органдары Банктын таламдарында ишти алып барууга милдеттүү, башкача айтканда Аткаруу органдын мүчөлөрү чечимдерди кабыл алууда өз таламдарын эмес, Банктын, анын акционерлеринин таламдарын жетекчиликке алып, конфликт жок болгон шарттарында аракеттенет;
- Банктын учурдагы ишмердүүлүгүнө натыйжалуу жетекчилик кылуу, акционерлердин алгылыктуу дивиденддердин алышын, ошондой эле

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

акционерлер үчүн тобокелдиктин алгылыктуу деңгээли менен узак мөөнөттө Банктын өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүк камсыздап, Банктын учурдагы ишин жетектөөнү билдирет;

– Директорлор кеңешине жана Банктын акционерлерине отчёт берүүсү, Банктын ички документтеринде бекитилген, Банктагы иштин абалы тууралуу көрсөтүлгөн органдарды өз убагында жана толук маалымдоого багытталган, Банктын Директорлор кеңешинин жана акционерлердин чогулушунун алдында Банктын Аткаруу органынын түшүнүктүү жана маалыматтуу отчёт берүү системасын билдирет.

4.3. Банкта коллегиалдуу Аткаруу органы иштейт, жана ошого байланыштуу, аны түзүүнүн жана ишмердүүлүгүнүн процесси төмөнкү принциптерди жана критерийлерди камтыйт, бирок алар менен чектелбейт:

– Аткаруу органдын жетекчисин тандоонун жана шайлоонун ачык жол-жобосу, ошондой эле жетекчинин көрсөтмөсү боюнча Аткаруу органдын калган мүчөлөрүн тандоо жаа шайлоо жол-жобосу;

– Банктын Аткаруу органдын талапкерлерин жана мүчөлөрүн көрсөтүүдө, шайлоодо жана аткарган ишинин натыйжалуулугун баалоодо, кесиптик компетенциясына жана кынтыксыз ишкердик абройго коюлган талаптарды колдонуу;

– аткаруу бийликтин жолун улантуу планынын Банкта болушу жана бул максаттарды көздөп кадрларды даярдоо, бул ортонку звенонун менеджментинин негизги кызмат ордуларына дагы жайылат;

– Банктын Аткаруу органдын компетенциясын коллегиалдуу органдын жана анын жетекчисинин компетенцияларына бөлүштүрүү;

– Банктын Аткаруу органдын мүчөлөрүнүн мотивациясынын комплекстүү системаларын колдонуу, анын ичинде сый акылар гана эмес, аларга карата социалдык жана компенсациялык төлөмдөр;

– Банктын Аткаруу органдын жана анын мүчөлөрүнүн ишинин натыйжалуулугун баалоо үчүн заманбап жана натыйжалуу ыкмаларды колдонуу;

– Банктын Директорлор кеңеши Аткаруу органды түзүү жана иштөө маселелерин тартипке салган  Банктын ички документтерин иштеп чыгат жана бекитет, ишинде жогорудагы принциптерди жана критерийлерди колдонот, бирок алар менен чектелбейт.

4.4. Банктын коллегиалдуу аткаруу органдын жетекчисинин компетенциясын Банктын Уставында белгилөөсү жана бекитүүсү коллегиалдуу аткаруу органдын ичиндеги компетенцияларды так бөлүштүрүүгө көмөктөшөт, жана Аткаруу органдын ар бир мүчөсүн Банктын жана анын акционерлеринин пайдасына иштөөгө натыйжалуу тартуу үчүн негиздемелерди түзөт. Ошону менен бирге, коллегиалдуу аткаруу органдын компетенциясына  Банктын адаттагыдай чарба ишинин алкагында жана андан тышкары болгон, Банкка олуттуу таасир тийгизген маселелердин чечүүсү сөзсүз түрдө кирет. Ушундай маселелердин тизмеси Банктын ички документтеринде чагылдырылган, жана төмөнкүлөрдү камтыйт, бирок алар менен чектелбейт:

– Банктын эң маанилүү документтердин иштеп чыгуусун уюштуруу - Банктын Директорлор кеңеши бекиткен Банк ишинин жана финансы-чарбалык

планынын алгачкы багыттары;

- аткаруу органдардын компетенциясына кирген маселелер боюнча түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин жөнгө салган Банктын ички документтерин бекитүү;
- кубаттоосу акционерлердин жалпы чогулушунун же Банктын Директорлор кеңешинин компетенциясына кирбеген Банктын жана көзөмөлдөнүүчү юридикалык жактардын олуттуу бүтүмдөрүн кубаттоо (Аткаруу органдын жетекчиси үчүн бүтүмдүн өлчөмүнүн ченемин бекитүү);
- Банктын филиалдарынын жана өкүлчүлүктөрүнүн жетекчилерин дайындоо жөнүндө чечимдерди кабыл алуу;
- Банктын Директорлор кеңешинин компетенциясына кирбеген, Банк көзөмөлдөгөн юридикалык жактардын ишинин негизги аспектилерин кароо;
- ички эмгек тартибинин эрежелерин, Банк кызматкерлеринин бардык категориялары үчүн кызматтык нускамаларын бекитүү;
- жаза-чараларды жана сыйлыктардын берилишин жөнгө салган ички документти бекитүү;
- Банктын түзүмдүк бөлүктөрүнүн жетекчилери менен материалдык сый акыларынын шарттарын жана эмгек келишимдердин негизги шарттарын макулдашуу;
- жамааттык келишимдерди жана макулдашууларды түзүү жөнүндө чечимдерди кароо жана кабыл алуу;

4.5. Банктын Аткаруу органы Банктын Директорлор кеңеши бекиткен стратегияга (бизнес-планга) жана анын бюджетине (финансы планга) ылайык аракеттенет, ошону менен бирге Банктын адаттагыдай ишинин жана/ же бюджетинин алкагынан тышкары чыккан бүтүмдөр боюнча чечимдерди кабыл алуу жана маалыматты ачуу тартиби Банктын ички документтеринде жөнгө салынган.

4.6. Банктын Аткаруу органдын жана ар бир мүчөсүнүн Банктын таламдарында ишмердүүлүгү акционерлер тарабынан ишенимди талап кылат, ошондуктан Банктын жана анын акционерлеринин таламдарына зыян келтирип иш-аракеттерди жүргүзүүгө же чечимдерди кабыл алууга үгүттөө максаты менен кандайдыр бир үчүнчү тараптардын таасир тийгизүүсүн алып салуу керек. Ошого байланыштуу Директорлор кеңешинин жана Аткаруу органдын атынан Банк ушундай жагдайлардын пайда болушун алдын алуу максатында Банктын ички документтеринде тиешелүү жол-жоболорду жана милдеттенмелерди чагылдырып болгон күч аракеттерин салат, алар төмөнкүлөрдү камтыйт, бирок алар менен чектелбейт:

- өзүнүн мүчөлөрүнүн биригишкен жактардын тизмесин Банкка ачуу милдети;
- белектерди кабыл албоо милдети (расмий иш чараларды өткөрүүдө жалпы кабыл алган сыйлоо эрежелерине ылайык көңүл буруу белгилеринен тышкары) же негизги максаты болуп аткаруу органдарынын ишине жана кабыл алган чечимдерине таасир тийгизген түз жана кыйыр пайдаларды алуу, анын ичинде ушул милдеттенмени өзүнүн туугандарына жайылтуу.
- Банктын ишин мыйзамга, Банктын Уставына жана ички документтерине, ошондой эле Банктын Директорлор кеңеши өткөргөн саясатына ылайык камсыздоо, анын ичинде мыйзамсыз иш-аракеттер, инциденттер, төлөө

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

фактылары же Банкта жана ал көзөмөлдөгөн юридикалык жактар[illegible] колдонулган иш ыкмалары жөнүндө Банктын Директорлор кеңешине те[illegible] билдирүү;

– негизделген башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу үчүн шайкеш негиздеме болуп саналган, Банктын ишинин финансылык жана материалдык көрсөткүчтөрүнүн саны жөнүндө актуалдуу маалыматты чогултуу, иштеп чыгуу жана берүү системаларын уюштуруусун камтуу менен, Банктын Директорлор кеңешинин алдында өз иши жөнүндө отчетту ай сайын берүү.

4.7. Банктын Аткаруу органынын мүчөлөрү менен келишимге төмөнкүлөр кирет, бирок алар менен чектелбейт:

– ушул адамдардын укуктарынын жана милдеттеринин толук тизмеси;
– аткаруу органдын мүчөсү деген кызматтын жана Банктын штаттык тизими боюнча ушул адам ээлеген кызматтын ортосунда укуктар менен милдеттерге чек салуу (мисалы: башкы бухгалтер, финансылык, техникалык же коммерциялык директор, башкы инженер, технолог), эгерде мындай айкалыштыруу иш жүзүндө бар болсо;
– токтотууга негиздемелер, ошондой эле өз каалоосу боюнча жумуштан бошонуу жөнүндө Банкты алдын ала билдирүү аткаруу органдын мүчөсүнүн милдети;
– тиешелүү кызматка жаңы дайындалган адамга иштерди өткөрүп берүү жол-жобосу;
– Банктын аткаруу органдын мүчөсүнүн милдеттерин аткарган мезгилде башка уюмдарда кызматтарды ээлөө мүмкүнчүлүгү;
– Банктын демилгеси боюнча келишим мөөнөтүнөн мурда токтогон учурда гана компенсациялык төлөмдөр жөнүндө жобого укуктуу болот;
– Аткаруу органдын мүчөсү Банктын таламдарында ак ниеттүүлүк менен ишти аткаруу милдетин бузганына байланыштуу келишим мөөнөтүнөн мурда бузулган учурда, Банктын Аткаруу органдын мүчөсү менен келишим (контракт) компенсациялык жана ошого окшош төлөмдөрдү караштырбайт.

4.8. Банктын Аткаруу органы өз иш-милдеттерин аткаруунун практикалык формасы болуп отурумдар саналат, отурумда компетенциясынын бардык маселелери боюнча негизделген чечимдерди бардык тараптарынан кароосу жана кабыл алуусу жүргүзүлөт. Банктын Директорлор кеңеши бекиткен Банктын ички документтеринде Банктын Аткаруу органдын отурумдарын өткөрүүнүн төмөнкү принциптери жана критерийлери чагылдырылган, бирок алар менен чектелбейт:

– пландык отурумдарды жумасына бир жолудан кем эмес өткөрүү;
– отурумду чакыруу боюнча сунуштарды берүүгө жана карала турган маселелерди сунуштоого Аткаруу органдын ар бир мүчөсүнүн укугу бар;
– күн тартиптин маселелерин көрсөтүп жана ар бир маселе боюнча материалдарды берип, Башкармалыктын боло турган отуруму жөнүндө Аткаруу органдын бардык мүчөлөрүнүн билдирүүнү күн мурунтан алуусуна шарттарды камсыз кылуу, ал эми отурумдун өткөрүлө турган мөөнөтү Аткаруу органдын мүчөлөрү күн тартиптин бардык маселелери боюнча даярдык көрүү үчүн жетиштүү болушу керек;
– Банктын Аткаруу органдын отурумунун кворумун жана кворумду бузгандыгы

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

үчүн мүчөлөрүнүн жоопкерчилигин белгилөө;

- Аткаруу органдын отурумунун протоколун тариздөө эрежелери жана кабыл алынган чечимдер жөнүндө Директорлор кеңешин маалымдоо боюнча милдеттенме.

4.9. Керектүү маалымат кечиктирилип берилсе жана аны иликтөө үчүн Аткаруу органдын мүчөлөрүнүн убактысы жетишсиз болсо же керектүү маалымат такыр берилбесе, кезексиз отурумду чакырууга муктаждык пайда болоруна карабастан, Банктын Аткаруу органдын мүчөлөрүнө күн тартиптин ушул маселесин кийинкиге жылдыруусу сунушталат.

## ГЛАВА V. БАНКТЫН КОРПОРАТИВДИК КАТЧЫСЫ

5.1. Банкта корпоративдик катчынын кызматы караштырылган, ага төмөнкү факторлор негиз болушат:

- бекитилген мыйзамдарды аткаруу боюнча, ошондой эле акционерлердин укуктарын жана таламдарын камсыздоого багытталган Банктын ички эрежелеринин жана жол-жоболорунун ички документтерин аткаруу боюнча маселелердин көлөмү көбөйүшү;
- колдонуудагы мыйзамдардын жана өзүнүн ички документтеринин ченемдерин аткарбаганы жана бузганы үчүн Банктын жоопкерчилиги күчөгөнү;
- Директорлор кеңешинин ишин камсыздоо боюнча маселелердин көлөмү өсүшү;

5.2. Банктын ишинин масштабдары талап кылган учурда, корпоративдик катчыга жүктөлгөн иш-милдеттерди ишке ашыруу үчүн Банкта корпоративдик катчынын өзүнчө бөлүмү түзүлүшү мүмкүн, аны түзүүнүн жана иштешинин тартиби Директорлор кеңеши бекиткен Банктын ички документтеринде бекитилген.

### *Корпоративдик катчынын статусу*

5.3. Алдында турган маселелерди чечүү үчүн Банктын Директорлор кеңешине баш ийген корпоративдик катчы Банктын Аткаруу органынан көз карандысыз, ошондуктан аткарган ишинин Банктагы башка иш-милдеттердин аткаруусу менен айкалыштыруусу караштырылбайт. Корпоративдик катчы Банктын кызмат адамы болуп саналат.

5.4. Корпоративдик катчынын көз каранды эместиги Банктын корпоративдик катчыга тиешелүү болгон бардык маселелерди Банктын Директорлор кеңешинин компетенциясына киргизүүсү менен камсыздалат, төмөнкү маселелерди камтыйт, бирок алар менен чектелбейт:

- корпоративдик катчынын кызматына талапкерди бекитүү жана ыйгарым укуктарын токтотуу;
- корпоративдик катчынын ишин баалоо жана анын иши жөнүндө отчетторду бекитүү;
- ага төлөнгөн негизги жана кошумча сый акылардын өлчөмүн белгилөө.

5.5. Банктын Директорлор кеңеши корпоративдик катчынын баш ийүү маселелерин жана Банктын башкаруу органдары жана түзүмдүк бөлүмдөрү менен менен өз аракеттешүү маселелерин тартипке салуусуна өзгөчө көңүл бурат.

### *Корпоративдик катчыга коюлган талаптар*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

5.6. Банктын Директорлор кеңеши Банктын корпоративдик катчыга коюлган талаптарды иштеп чыгат жана бекитет, анын ичине төмөнкүлөр кирет, бирок алар менен чектелбейт:

- корпоративдик катчынын билимдери, тажрыйбасы жана дасыгы ага жүктөлгөн милдеттенмелерди аткаруу үчүн жетиштүү болушу керек (корпоративдик катчы коммуникабелдүү болушу керек);
- корпоративдик катчынын аброю кынтыксыз болушу керек жана анын кызмат жана/ же көзөмөлдөөчү акционерлерин камтуу менен Банктын биригишкен жагы болуп саналбашы керек.

5.7. Корпоративдик катчы өзүнүн дасыгын дайыма жогорулатышы зарыл. Мындан тышкары, үзгүлтүксүз кесиптик өз ара аракеттенүүсүн колдоо максатында, корпоративдик катчылардын кесиптик бирикмесине катышуусу жана анда туруусу корпоративдик катчыга сунушталат.

5.8. Банк корпоративдик катчы жөнүндө маалыматтарды Банктын Директорлор кеңешинин жана Аткаруу органдын мүчөлөрү үчүн каралган көлөмдө жана ыкма менен ачат.

### *Корпоративдик катчынын иш-милдеттери жана ыйгарым уктары*

5.9. Банктын Директорлор кеңеши бекиткен, Банктын ички документтеринде белгиленген Банктын корпоративдик катчынын иш-милдеттерине төмөнкүлөр кирет, бирок алар менен чектелбейт:

- Банктын Директорлор кеңешинин чечимдерине ылайык, Банктын акционерлеринин жалпы чогулуштарын уюштуруу жана аларга даярдык көрүү;
- Банктын Директорлор кеңешинин жана Директорлор кеңешинин комитеттеринин ишин камсыз кылуу;
- Банктын маалыматын ачуу жана корпоративдик документтердин сакталышын камсыз кылуу;
- Банктын акционерлери менен өз ара аракеттенүүсүн камсыздоо жана корпоративдик конфликттерди алдын алуу;
- Банктын жөнгө салуу органдары, соoданын уюштуруучулары, регистратор менен жана баалуу кагаздар рыногунун башка кесиптик катышуучулары менен өз ара аракеттенүүсүн камсыздоо;
- акционерлердин укуктарынын жана мыйзамдуу таламдарынын ишке ашыруусун камсыздаган, мыйзамдарда жана Банктын ички документтеринде белгиленген жол-жоболордун ишке ашыруусун жана көзөмөлдөөсүн камсыздоо;
- мыйзамдарды, ошондой эле Банктын ички документтерин бардык бузгандары жөнүндө Директорлор кеңешине тез билдирүү;
- Банктын корпоративдик башкаруусунун жакшыртуусуна катышуу.

5.10. Жүктөлгөн иш-милдеттерин аткаруу үчүн корпоративдик катчыга төмөнкү ыйгарым укуктар ыйгарылган, бирок алар менен чектелбейт, корпоративдик катчынын ыйгарым укуктары Директорлор кеңеши бекиткен Банктын ички документтеринде белгиленген:

- Банктан документтерди талап кылууга жана алууга;

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

- компетенциясынын алкагында ар кандай маселелерди Банктын башкаруу органдарынын кароосуна чыгаруу;
- Банктын кызмат адамдарынан жана кызматкерлеринен мыйзамдардын, Уставдын жана Банктын ички документтеринин талаптарын аткарылышын талап кылуу.

## ГЛАВА VI. КӨЗӨМӨЛ ЖАНА ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ БАШКАРУУ

6.1. Банктагы ички көзөмөл – Директорлор кеңеши, Аткаруу органы жана Банктын бардык персоналы төмөнкүлөргө жетүү максатында жүргүзгөн процесси:

- Банктын ишинин натыйжалуулугу жана жыйынтыгы, активдер менен пассивдерди башкаруунун натыйжалуулугу, активдердин сакталышын камсыздоо, тобокелдиктерди натыйжалуу башкаруу;
- ички жана сырткы пайдалануучулар үчүн финансы, регулятивдик жана башка отчеттуулуктун ишенимдүүлүгүн, толуктугун, объективдүүлүгүн жана өз убагында түзүүсүн жана берүүсүн камсыздоо;
- Банктын иши мыйзамдарга жана Банктын ички документтерине туура келиши.

6.2. Банктын ички көзөмөл системасы Банктын кызматкерлеринин жана жетекчилигинин өзүнүн караштыруусу боюнча аракеттенүү мүмкүнчүлүктөрүн чектеген жол-жоболорду, ошондой эле алардын ишин текшерүү боюнча жол-жоболорду сөзсүз түрдө камтыйт.

6.3. Ички көзөмөл системасы дасыккан адистер менен камсыз болушу керек, ошондой эле ички көзөмөл үчүн колдонулган маалыматтын чогултуусун, иштеп чыгуусун, талдоосун, өткөрүп берүүсүн жана коргоосун жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берген керектүү маалыматтык системалары менен жана программалык-техникалык каражаттары менен камсыздалышы керек.

6.4. Банктын ички көзөмөл жол-жоболору, Банк бекитилген саясаттарды жана жол-жоболорду, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерин (комплайенс жол-жоболору) канчалык так аткарганын аныкташы керек.

6.5. Тобокелдиктерди башкаруу төмөнкүлөрдөн турат:

- Банк тартылган негизги тобокелдиктерди идентификациялоо;
- ушул тобокелдиктерди жана Банк аларга тартылышынын даражасын баалоо;
- так түшүндүрүү максаты менен, ошондой эле капитал жана өтүмдүүлүк боюнча Банктын позициясынын жана стратегиясынын учурдагы мониторингин жүргүзүү максатында, тобокелдиктердин көлөмүн көзөмөлдөө жана аларды жабууга капиталды дайыма эсептеп туруу (б.а. капиталды пландаштыруу);
- жумшартууга багытталган белгилүү тобокелдиктерди, чараларды кабыл алуу боюнча чечимдердин мониторингин жүргүзүү жана баалоо, жана Директорлор кеңеши бекиткен чечимдердин тобокелдикке/ тобокелдик-аппетитке жана тобокелдиктерди башкаруу боюнча саясатка туруктуулугунун максаттуу көрсөткүчтөрүнө туура келиши;
- бардык көрсөтүлгөн маселелер боюнча Аткаруу органга жана Директорлор кеңешине отчетторду берүү.

6.6. Банкта тобокелдиктерди башкаруу боюнча, комплайенс-көзөмөл жана ички аудит бөлүмдөрү болушу керек, ар бир бөлүм керектүү ыйгарым укуктарга, статуска,

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ресурстарга ээ жана көз карандысыз, ошондой эле Директорлор кеңешине түз чыга алат, ошондой эле:

- айрым уюмдардын, ошондой эле топтордун деңгээлинде тобокелдиктердин идентификациялоосу, баалоосу жана мониторинги дайыма жүргүзүлөт;
- ички көзөмөлдүн жакшы ойлонуштурулган жана натыйжалуу системасы иштейт;
- тобокелдиктерди башкаруу, комплайенс жана ички аудит инфраструктураларынын өнүгүүсүнүн деңгээли Банктын тобокелдиктер профилине дал келет, ал эми киргизилген өзгөртүүлөр тобокелдиктер профилинин өзгөртүүлөрүн (анын ичинде алардын өсүшүн) жана тобокелдиктердин тышкы чөйрөсүн чагылдырат;
- Банктын бөлүмдөрүнүн ортосунда, ошондой эле Банктын Директорлор кеңешине жана Аткаруу органга жөнөтүлгөн отчеттор аркылуу ачык жана өз убагында тобокелдиктер жөнүндө маалымат менен алмашуу иштейт.

6.7. Банкта тобокелдиктерди башкаруу жана ички көзөмөл системаларынын уюштуруусуна принциптерди жана ыкмаларды аныктоо үчүн жоопкерчилик Банктын Директорлор кеңешине жүктөлөт. Директорлор кеңеши тобокелдиктерди башкаруу жана ички көзөмөл системаларынын ишинин натыйжалуулугун баалоосун жыл сайын уюштурат жана ушундай баалоонун жыйынтыктары жөнүндө отчетту Банктын жылдык отчетунун курамында берет. Аткаруу орган Банктагы тобокелдиктерди башкаруу жана ички көзөмөлдүн натыйжалуу системаларынын ишин түзүүсүн жана колдоосун камсыздайт.

6.8. Банктын Аткаруу органы тобокелдиктерди башкаруунун жана ички көзөмөлдүн конкреттүү жол-жоболору үчүн ыйгарым укуктарды, милдеттерди жана жоопкерчиликти Банктын бөлүм жетекчилеринин ортосунда бөлүштүрөт. Банктын бөлүм жетекчилери өзүнүн иш-милдеттерине жараша, өз бөлүмдөрүндө тобокелдиктерди башкаруу жана ички көзөмөл системаларын иштеп чыгуусу, документтештирүүсү, өндүрүүсү, мониторинги жана өнүктүрүүсү үчүн жоопкерчилик тартышат.

6.9. Банктагы ички көзөмөл системасын өркүндөтүү боюнча объективдүү жана көз карандысыз баалоонун жана сунуштамаларды берүүнүн негизинде, Банктын натыйжалуу жана коопсуз ишин камсыздоо боюнча Банктын башкаруу органдарына көмөк көрсөтүү максатында Банкта ички аудит жүргүзүлөт. Банктагы ички аудит функционалдуу жана административдүү Банктын Директорлор кеңешине (Аудит боюнча комитет) баш ийген, ички аудит кызматын түзүү жана иштетүү аркылуу ишке ашырылат. Ички аудит кызматы өз ишинде ички аудит тармагындагы жалпы кабыл алган стандарттарды колдонот[1].

6.10. Директорлор кеңеши Банктын ички аудит кызматын түзүү жана иштеши менен байланышкан бардык маселелерди жөнгө салган Банктын ички документин иштеп чыгат жана бекитет, төмөнкүлөрдү камтуу менен, бирок алар менен чектелбестен:

- Банктын ички аудитинин дасыгына, ишкер жана жеке зоболосунун кынтыксыздыгына талаптар;
- тобокелдикке багытталган мамилени колдонуу менен Банктын максаттарына

[1] Так айтканда Ички аудиторлор институтунун Эл аралык ички аудиттин кесиптик стандарттары

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ылайык болгон, ички аудит кызматынын иш планын иштеп чыгуу жана бекитүү Директорлор кеңешинин жана Аудит боюнча комитетинин милдети;

- ички аудит кызматынын пландаштырылган ишин жүргүзүү жана Директорлор кеңешинин жана Аудит боюнча комитетинин суроо-талабы боюнча кезексиз контролдук жол-жоболорду өткөрүү, анын ичинде Банктын "тынымсыз байланыш" боюнча түшкөн маалыматтын негизинде;
- ички аудит кызматынын ишинин жыйынтыктары боюнча Директорлор кеңешине отчетторду даярдоо жана берүү боюнча талаптар (анын ичинде тобокелдиктер, кемчиликтер, жыйынтыктар жана табылган кемчиликтерди жоюу боюнча аткарылган иш чаралардын натыйжалуулугу жөнүндө маалыматты, ички аудит кызматы иш планын аткаргандын жыйынтыктары жөнүндө маалыматты, тобокелдиктерди башкаруу, ички көзөмөл жана корпоративдик башкаруу системаларынын абалын, ишенимдүүлүгүн жана натыйжалуулугун баалоонун жыйынтыктары жөнүндө маалыматты камтыйт);
- тобокелдиктерди башкаруу, ички көзөмөл жана корпоративдик башкаруу системаларын өркүндөтүү боюнча жол-жоболорду жана иш чараларды иштеп чыгууда жана аткаруу мониторингин жүргүзүүдө Банктын Аткаруу органына жана Банктын кызматкерлерине көмөк көрсөтүү;
- Банктын тышкы аудитору менен, ошондой эле тобокелдиктерди башкаруу, ички көзөмөл жана корпоративдик башкаруу тармагындагы кеңеш берүү боюнча Банкка кызматтарды көрсөткөн жактары менен ишти координациялоо;
- ички маалыматка жана коррупцияга каршы күрөшүүгө, терроризмди же экстремизмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүүгө тиешелүү болгон мыйзамдардын жоболорун жана Банктын ички саясаттарын Банктын кызмат адамдары жана кызматкерлери тарабынан аткарылышын текшерүү;
- белгиленген тартиптин алкагында Банк көзөмөлдөгөн жактардын ички аудитин жүргүзүү.

## ГЛАВА VII. БАНК ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТЫ АЧУУ

**М. Банктын корпоративдик башкаруу тажрыйбасы, Банктын акционерлери жана инвесторлору тарабынан негизделген чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо максатында, ошондой эле кызыкдар адамдарга Банк жөнүндө маалыматты берүү максатында, Банк жөнүндө толук жана ишенимдүү маалыматтын өз убагында ачылышын камсыздайт.**

7.1. Банк маалыматтын ачылышынын утурумдуулугун жана ыкчамдуулугун камсыздайт, ал төмөнкүлөрдү караштырат, бирок алар менен чектелбейт:

- маалыматты ачуу процессинин үзгүлтүксүздүгүн камсыздоо, ал үчүн Банктын ички документтеринде маалыматты ачуу менен байланышкан Банктын бардык бөлүмдөрүнүн ишинин координациялоосун камсыздаган жол-жобо же маалыматын ачуусуна алып келген ишмердүүлүк аныкталган;
- Банктын баалоосуна жана баалуу кагаздарынын наркына олуттуу тасир тийгизген, маалыматты ачуунун максималдуу кыска мөөнөттөрү;
- Банктын баалуу кагаздары чет өлкөлүк рыноктордо жүгүртүлгөн учурда, Кыргыз Республикасында жана андан тышкары олуттуу маалыматты

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

синхрондуу ачуу;

– Акционерлердин жана инвесторлордун таламдарына тобокелдик келтирген Банктын баалоосу жана баалуу кагаздарынын наркы жөнүндө бурмаланган ойду түзгөн ушактарга жана чынга жатпаган маалыматтарга карата Банктын позициясы жөнүндө ыкчам маалыматты берүү;
– Банкта аткарууга тийиш болгон жол-жоболордун бардыгы үчүн Банктын Директорлор кеңеши жоопкерчилик тартат.

7.2. Банк жөнүндө маалыматты алуу мүмкүнчүлүгү маалыматты ачуунун бардык, биринчи ирет, электрондук каналдарын жана ыкмаларын (компаниянын жана Интернет тармагындагы маалыматтык агенттиктердин сайттары) колдонуп алса болот. Банк жөнүндө маалыматты жайылтуу каналдары Банк ачкан маалыматка кызыкдар болгон адамдардын эркин кирүүсүн камсыздашы керек, ал эми маалыматка жетүү акысыз болушу керек (паролдорду алуу, каттоо же башка техникалык чектемелер) жана маалыматты алуу жана аны менен таанышуу үчүн атайын жол-жоболорду талап кылбашы керек.

7.3. Банк ачкан маалыматтардын ишенимдүүлүгүнө жана салыштыруусуна, Банк төмөнкүлөргө умтулгандын эсебинен жетсе болот:

– ачылган маалымат түшүнүктүү болушу керек жана карама-каршы болбошу керек, ал эми маалыматтар салыштырууга мүмкүн болушу керек (Банктын ар кайсы мезгилдер үчүн көрсөткүчтөрүн, ошондой эле Банктын көрсөткүчтөрүн башка ушундай компаниялардын көрсөткүчтөрү менен салыштырууга мүмкүнчүлүк болушу керек);
– Банк берген маалымат объективдүү жана балансташкан болушу керек. Өзүнүн иши жөнүндө маалымат берүүдө, акционерлер жана инвесторлор үчүн маанилүү болгон терс маалыматтарды ачуудан Банк баш тартпашы керек.
– Финансы жана башка маалыматты ачууда анын нейтралдуу болушу камсыздалышы керек, башкача айтканда ушул маалымат кандайдыр бир топтун же жактардын таламдарына көз каранды болбошу керек. Маалымат нейтралдуу болуп саналбайт, эгерде анын мазмуну же берүү формасы белгилүү жыйынтыктарга жетүү максатын көздөсө.

7.4. Банк ачкан маалыматтын толуктугу, акционерлер жана инвесторлор тарабынан негизделген чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн камсыздашы керек. Ошого байланыштуу ушундай маалыматты басып чыгаруу мыйзамдар менен караштырылбаса дагы, Банк өзүнүн иши жөнүндө олуттуу маалыматты ачат, ошону менен бирге Банк өзү жөнүндө гана эмес көзөмөлдөгөн юридикалык жактар жөнүндө дагы маалыматты ачат.

## ГЛАВА VIII. ОЛУТТУУ КОРПОРАТИВДИК ИШ-АРАКЕТТЕР

**Н. Фундаменталдуу корпоративдик өзгөрүүлөргө, анын ичинде акционерлердин укуктарынын өзгөрүшүнө алып келиши мүмкүн болгон иш-аракеттерди (олуттуу корпоративдик иш-аракеттер) Банк тарабынан жүргүзүүсү максималдуу ачыктык менен коштолот жана Банктын акционерлеринин жана аманатчыларынын укуктарын сактоо жана коргоо шартында жүргүзүлүшү керек.**

8.1. Олуттуу корпоративдик иш-аракеттерге, биринчи ирет, төмөнкүлөр кирет:

– Банкты өзгөртүп уюштуруу;

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

- Банктын добуш берүүчү акциялардын 20% жана андан ашыгын сатып алуу;
- Банк тарабынан олуттуу бүтүмдөрдү жүргүзүү: ири бүтүмдөрдү жана кызыкдар болгон бүтүмдөрдү жүргүзүү, Банктын жүгүртүүдөгү акциялардын санын көбөйтүү, акциялардын жана Банк чыгарган башка баалуу кагаздардын листингин жана делистингин жүргүзүү;
- Банктын акционерлеринин же аманатчыларынын абалын начарлаткан башка аракеттер.

8.2. Банк тарабынан олуттуу корпоративдик иш-аракеттерди жүргүзүүсү менен байланышкан эрежелерди жана жол-жоболорду Банктын Директорлор кеңеши иштеп чыгат жана акционерлердин жалпы чогулушу же Директорлор кеңеши бекиткен Банктын ички документтеринде белгиленет. Ушундай эрежелерди жана жол-жоболорду аныктоодо, Директорлор кеңеши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын гана эмес, ушул Кодексте баяндалган корпоративдик башкаруунун принциптерин дагы жетекчиликке алат.

***Банк тарабынан олуттуу бүтүмдөрдү жүргүзүү***

8.3. Банк тарабынан олуттуу бүтүмдөрдү жүргүзүү, Банктын жана бардык акционерлеринин таламдарынын коргоосун камсыздаган адилеттүү нарк жана ачык шарттарында жүргүзүлөт, буга жетүү үчүн Банктын ички документтерине төмөнкү принциптер киргизилген:

- Банк тарабынан ири бүтүмдөрдү жүргүзүүгө мыйзамда белгиленген тартипти жайылтуу жолу менен жана/ же маселе боюнча чечимди көпчүлүктүн кубаттоосу менен кабыл алып Директорлор кеңешинин компетенциясына киргизүү жолу менен, мыйзамда белгиленген ири бүтүмдөрдүн критерийлерине жооп бербеген, бирок Банк үчүн мааниси абдан чоң болгон бүтүмдөрдү кароо Банктын Директорлор кеңешинин компетециясына киргизүү механизми;
- олуттуу бүтүмдөрдү жүргүзгөнгө чейин аларды кубаттоо;
- Банктын олуттуу бүтүмдөрүнө гана эмес, көзөмөлдөнгөн юридикалык жактардын олуттуу бүтүмдөрүнө дагы Директорлор кеңешинин көзөмөлүн бекитүү;
- рынокто кынтыксыз зоболосуна ээ болгон жана сатып алынган же ажыратылган мүлктүн адилеттүү наркын аныктоо үчүн тиешелүү чөйрөдө баалоо тажрыйбасына ээ болгон көз карандысыз баалоочуну Директорлор кеңеши тарабынан тартуу, же болбосо көз карандысыз баалоочуну тартпагандын негиздемелерин берүү;
- кызыкдар болгон бүтүмдөрдү жана төмөнкү бүтүмдөрдү Банк тарабынан кубаттоо тартибин жайылтуу:

а) үчүнчү жактардын атынан, бирок Банктын эсебинен түзүлгөн;

б) олуттуу (көзөмөлдөөчү) акционери болуп Банктын олуттуу (көзөмөлдөөчү) акционери саналган башка компаниялар менен Банк тарабынан түзүлгөн.

***Банкты өзгөртүп уюштуруу***

8.4. Банкты өзгөртүп уюштуруу жөнүндөгү маселени акционерлердин чогулушуна чыгаруу жөнүндө Директорлор кеңешинин чечими, Директорлор кеңеши өзгөртүп уюштуруусу зарыл жана өзгөртүп уюштуруунун шарттары алгылыктуу деп

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

эсептегенде гана кабыл алынат. Өзгөртүп уюштуруусу ыктымал болгону жөнүндө маселени кароодо Директорлор кеңеши өзгөртүп уюштуруунун шарттары акционерлердин, анын ичинде акциялардын чакан пакеттерине ээ болгон акционерлердин таламдарына жооп бергенин баалашы керек, ошондой эле өзгөртүп уюштуруунун натыйжасында конвертациялоонун коэффициенттеринин адилеттүүлүгүн аныкташы керек.

8.5. Өзгөртүп уюштурууда акциялардын конвертациялоосунун өз ара байланышын аныктоо үчүн көз карандысыз баалоочуну тартуу сунушталат. Өзгөртүп уюштурууда рынокто кынтыксыз зоболосуна жана тиешелүү чөйрөдө баалоо тажрыйбасына ээ болгон көз карандысыз баалоочулар тарабынан баалоонун жүргүзүүсү сунушталат. Бир өзгөртүп уюштурууга катышкан ар бир юридикалык жактарга карата баалоону бир эле баалоочу тарабынан жүргүзүлүшү сунушталат (анын ичинде салыштырмалуу жагдайда баалоодо бирдей ыкмалардын колдонулушун камсыздоо үчүн).

## ГЛАВА IX. БАНКТЫН КЫЗМАТ АДАМДАРЫНЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

9.1. Директорлор кеңешинин, Аткаруу органдын мүчөлөрү жана Банктын башка кызмат адамдары тарабынан чыгымдардын ордун толтуруусу жөнүндө талап менен сотко кайрылуу укугун Банк активдүү колдонот, ал укугун тарткан жоготууларынын ордун толтуруу үчүн гана эмес, көрсөтүлгөн адамдарды өз милдеттерин аткаруу жана Банктын таламдарын сактоого өбөлгөлөө үчүн колдонот.

9.2. Банктын башкаруу органдарынын мүчөлөрүн жана акционерлерин камтуу менен бардык кызыкдар болгон адамдар Банкты башкаруу татаал процесс болгону жөнүндө эске алышы керек, ал Банк башкармалыгынын мүчөлөрү өз милдеттерин туура жана ак ниеттүү аткаруусунун натыйжасында кабыл алган чечимдер туура эмес болуп калышы жана Банкка терс таасирин тийгизиши мүмкүн болгонуна байланыштуу болот.

9.3. Банктын кызмат адамынын жоопкерчилигинин негиздемелеринин бири болуп анын күнөсү саналгандыктан, аларды жоопкерчиликке тартуу өз милдеттерин аткарууда туура жана ак ниеттүү аракеттендиби, б.а. жакшы жетекчиден күтүлгөн камкордук жана этияттык менен иштеп жатканы жана өз милдеттерин аткаруу үчүн бардык чараларды көргөнү эске алынат.

9.4. Банктын кызмат адамдары туура жана ак ниеттүү аракеттенип жатат деп саналат, эгерде алар конкреттүү чечимди кабыл алууда жеке кызыкчылыгы жок болсо жана чечимди кабыл алуу үчүн бардык маалыматты кунт коюп иликтесе; ошону менен бирге коштолгон жагдайлар Банктын таламдарында аракеттенгенин далилдесе.

9.5. Банкка зыян келтиргени үчүн жооптуу болгон кызмат адамдардын ыйгарым укуктарын токтотуу боюнча жана Банктын алдында өз милдеттерин бузганы үчүн жоопкерчиликке тартуу боюнча Банк чараларды көрөт.

9.6. Кызмат адамдар Банкка же үчүнчү жактарга өзүнүн иш-аракеттери менен келтирген зыяндын кайтарып берүүсү үчүн Банк өзүнүн кызмат адамдарынын жоопкерчилигин өз каражаттарынын эсебинен камсыздандыруу үчүн болгон күч-аракетин салат.

9.7. Жоопкерчиликти камсыздандыруу жарандык-укуктук жоопкерчиликтин натыйжалуулугун жогорулатууга гана эмес, Директорлор кеңешинин курамына

компетенттүү адистерди тартууга мүмкүнчүлүк берет, себеби андай болбосо ал[illegible]о мүмкүн болгон ири доолордон коркмок.

9.8. Директорлор кеңешинин, Аткаруу органдын мүчөлөрүнүн чыныгы жоопкерчилик механизмин аныктоо үчүн Банк тиешелүү ар бир кызмат адамдын күн тартиптин маселелери боюнча добуш бергендин жыйынтыктарын чагылдырган, Банктын башкаруу жана көзөмөлдөө органдардын отурумдарынын протоколдору менен бирге стенограммаларды (видео жана/ же аудио жазуулар) дагы жүргүзөт жана сактайт. Банктын кызмат адамдарынын өзгөчө ой-пикирлери ушундай отурумдардын протоколдорунун бир бөлүгү болуп саналат жана аларга сөзсүз түрдө тиркелет (анын ичинде Банктын акционерлерине берилет).